# КЫЙНООЛОР ҮЧҮН ЖАЗЫК ЖООПКЕРЧИЛИК

Окуу куралы

Бишкек-2021

# КЫЙНООЛОР ҮЧҮН ЖАЗЫК ЖООПКЕРЧИЛИК

**Бишкек-2021**

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту

**И.И. Гилязетдинова, А.Ш. Сыдыков**

# Кыйноолор үчүн жазык жоопкерчилик

**Окуу куралы**

**“Окуу курал Кыргыз Республикасындагы АКШ Өкүлчүлүгүнүн Демократиялык Комиссиясынын финансылык колдоосунда “Кыйноолорду алдын алуу боюнча конкреттүү чараларды кабыл алууга сот органдарынын катышуусун күчөтүү” долбоорун ишке ашыруунун алкагында даярдалды. Окуу куралда чагылдырылган ой-пикирлер, жүйөлөр жана корутунду менен сунуштамалар авторлордун оюн билдирет жана АКШ Мамлекеттик Департаментинин көз карашын милдеттүү түрдө билдирбейт.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку соту**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби**

**Кыргыз Республикасындагы АКШ Өкүлчүлүгүнүн Демократиялык Комиссиясы**

**Кыргыз Республикасындагы PRI Эл аралык түрмө реформасынын Өкүлчүлүгү**

**УДК 343**
**ББК 67.99(2)8**
**Г74**

Юридикалык адистиги боюнча окуган жогорку окуу жайлардын студенттери, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана судьялар үчүн окуу курал катары
**Сунушталат**

**Г47** Гилязетдинова И.И., Сыдыков А.Ш.

**Кыйноолор үчүн жазык жоопкерчилик**: окуу курал – Б.: *****, 2021. – 58 с.

**ISBN 978-9967-9219-6-2**

Окуу курал Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун судьялары тарабынан “Жазык укугу” окуу курсуна ылайык даярдалды. Окуу куралда кыйноолорду социалдык коркунучтуу жана ошол эле учурда өтө аз изилденген жосундар катары комплекстүү укуктук талдоо жүргүзүлгөн; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана эл аралык укукта кыйноолор үчүн жоопкерчиликти регламенттештирүүгө талдоо жүргүзүлгөн; кыйноолорду чектеш кылмыштардан ажыратууга байланыштуу бир катар теориялык жоболор тереңдетилди жана такталды; кыйноолорду кылмыштардын чектеш курамынан ажыратууга байланыштуу бир катар теориялык жоболор тереңдетилди жана такталды; каралып жаткан жосундарды алдын алуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар иштелип чыкты.

Окуу курал юридикалык факультеттердин студенттери, иштеп жаткан юристтер, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана судьялар үчүн сунушталат.

**ISBN 978-9967-9219-6-2** **УДК 343**

**ББК 67.99(2)8**

# МАЗМУНУ

**Киришүү**…………………………………………………………………………..... 6

**1. Кыйноолорго жана катаал мамилелерге тыюу салуунун укуктук негиздери**
1.1 Кыйноолорду колдонуу менен байланышкан кылмыштар үчүн жаза белгилөөнүн эл аралык-укуктук негиздери……………………………….............. 7
1.2 Кыйноолордун жабырлануучуларын коргоонун эл аралык мехмеханизмдери….... 14
1.3 Кыйноолого каршы аракеттенүү жаатында улуттук мыйзамдар……...................... 20
1.4 Кыргыз Республикасында адамгерчиликсиз же кадыр-баркын басмарлаган мамилелердин түрлөрүнө жана жазалоолорго каршы аракеттенүүнүн башка механизмдери ……………………………………………………....................... 28

**2. Кыйноолордун жазык-укуктук мүнөздөмөсү**
2.1 Кыйноолордун объектиси ………………………………………….................. 32
2.2 Кыйноолордун объективдүү тарабы ………………………………………......... 33
2.3 Кыйноолордун субъектиси ……………………………………………........... 35
2.4 Кыйноолордун субъективдүү тарабы ……………………………………..... 36

**3. Кыйноолорду кылмыштардын чектеш курамынан бөлүү**
3.1 Кыйноолор жана уруп-согуп кыйноо (КР ЖКнын 144-бер.)……………………...... 40
3.2 Кыйноолор жана бийликтен аша чабуу (КР ЖКнын 321-бер)……………............ 44
3.3 Кыйноолор жана жалган көрсөтмө берүүгө мажбурлоо (КР ЖКнын 341-бер)…..... 45

**4. Соттор тарабынан кыйноолорду колдонуу менен байланышкан кылмыштар боюнча иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү**
4.1 Кыйноолорду колдонуу жөнүндө иштер боюнча соттук тажрыйбанын серептери…………………........................................................................................ 48
4.2 Кыйноолорду колдонуу жөнүндө иштер боюнча соттук териштирүүнүн өзгөчөлүктөрү ........................................................................................... 52
4.3 Кыйноолорду колдонуу жөнүндө иштерди тергөөдө жана соттук териштирүүдө натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттары ……………......... 54

**Колдонулган адабияттын тизмеси** ……………………………………….......... 57

# КАБЫЛ АЛЫНГАН КЫСКАРТТУЛАР

| | |
|---|---|
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **БУУ** | Бириктирилген улуттар уюму |
| **АУЖД** | Адам укуктарынын жалпы декларациясы |
| **ЖСУЭАП** | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| **ККК** | Кыйноолорго каршы конвенция |
| **КККФП** | Кыйноолорго каршы конвенцияга факультативдүү протокол |
| **УААМ** | Улуттук алдын алма механизми |
| **КААУБ** | Кыйноолорду алдын алуу боюнча Улуттук борбор |
| **ӨЭМ** | Өкмөттүк эмес уюмдар |
| **КАКМЖТ** | Катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрү |
| **СМЭ** | Соттук-медициналык экспертиза |
| **КР ЖК** | Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси |
| **КР ЖПК** | Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси |

# КИРИШҮҮ

Кыйноолор – дүйнөлүк коомчулукту абдан тынчсыздандырган адам укуктарын одоно бузган көрүнүштөрдүн бири. Алар коомдук коркунучту жаратышат, себеби жазык мыйзамы менен корголгон ден-соолукка, психикасына жана адамдын өмүрүнө кол салышат. Мындан тышкары, алар коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына зыян келтиришет, кызмат адамдары кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазалоого катышкан мамлекеттик органдарга болгон жарандардын ишениминин жана урматтоосунун деңгээлин төмөндөтүшөт.

Эл аралык коомчулук тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, БУУнун атайын баяндамачысынын дарегине кыйноолор жөнүндө маселелер боюнча жыл сайын 60-80 өлкөлөрдөн кыйноолордун актысы тууралуу маалыматтар келип түшөт, бул БУУнун катышуучу мамлекеттеринин үчтөн биринен көбүн түзөт.

Кыргыз Республикасында зомбулуктун жана кыйноолордун колдонулгандыгы жөнүндө ар кандай булактар, анын ичинде расмий статистика, Кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенциянын жоболорун ишке ашыруу максатында республика тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалыматтар, жалпыга маалымдоо каражаттарындагы билдирүүлөр, ошондой эле эл аралык жана жергиликтүү укук коргоо уюмдарынын мониторингинин натыйжалары бар.

Мониторингдик изилдөөлөрдүн корутундуларына ылайык, кыйноолорду колдонуу негизинен укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кармалган алгачкы сааттарда жана кылмыштар жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү сотко чейин текшерүү жүргүзүү учурунда жүзөгө ашырылат. ИИОнын кызматкерлери тарабынан кыйноолорду колдонуу практикасы процесстик кепилдиктерди этибарга албагандыктан, кылмыштын бетин ачуу зарылчылыгына шилтеме кылуу менен “көрсөтмөлөрдү зомбулук менен алуу” учурлары кеңири жайылган жана көпчүлүк учурда, сот системасы тарабынан жазык-процесстик мыйзамдарда каралган талаптарды бузуу менен айыптоочу өкүмдөрдү чыгарууда далилдөө базасынын негизги элементи катары кылмышты моюнга алуу кабыл алынат.

Кыргыз Республикасында учурдагы калыптанып калган кырдаалды жоюу боюнча олуттуу чаралар көрүлүп жатат. Кыйноолорду алдын алуу максатында кыйноолорго жана башка катаал жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы күрөшүү боюнча конкреттүү программалар кабыл алынууда жана эл аралык укуктук актыларды эске алуу менен, мыйзам чыгаруу базасы өркүндөтүлүүдө; кылмыштарды тергөө ыкмалары иштелип чыгууда; калктын укуктук аң-сезими көтөрүлүп, укук коргоо органдарынын кызматкерлери арасында туруктуу иш жүргүзүлүп жатат.

Ушул окуу куралдын негизги максаты - ушул категориядагы иштерди кароонун жалпы багытын аныктоо, мыйзамдарды колдонуудагы кыйынчылыктарды аныктоо максатында кыйноолор менен байланышкан кылмыштар боюнча сот практикасын, ошондой эле укук колдонуу практикасында аныкталган жагдайлардын базасында кыйноолорго тиешелүү адам укуктары жаатында эл аралык стандарттарга ылайык мыйзамдуу, негизделген жана акыйкат чечимдерди кабыл алууга Кыргыз Республикасынын судьялары үчүн окуу модулун даярдоо үчүн башка өзгөчөлүктөрдү жана маселелерди изилдөө болуп саналат.

# 1. КЫЙНООЛОРГО ЖАНА КАТААЛ МАМИЛЕЛЕРГЕ ТЫЮУ САЛУУНУН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1 КЫЙНООЛОРДУ КОЛДОНУУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КЫЛМЫШТАР ҮЧҮН ЖАЗА БЕЛГИЛӨӨНҮН ЭЛ АРАЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

Кыйноолорго, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге жана жазалоого тыюу салган адам укуктары боюнча негизги эл аралык документтер болуп Адам укуктарынын жалпы декларациясы (АУЖД)[1] жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЖСУЭАП)[2] саналат.

***Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 5-беренесинде жазылган:***
***«Эч ким кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылбашы керек».***

Кыйноолорго тыюу салуу так ушундай формулировкада Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактысынын 7-беренесинде камтылган, ал ушул пактыны ратификацияланган бардык мамлекеттер үчүн милдеттүү[3].

Жогоруда аталган эл аралык келишимдерге кошумча төмөндөгүдөй көптөгөн эрежелер жана стандартар иштелип чыккан:

- Бардык адамдарды кыйноолордон жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен же жазадан коргоо жөнүндө декларация (1975-ж.);
- Сот органдарынын көзкарандысыздыгынын негизги принциптери (1985-ж.);
- Камакта же түрмөдө жаткан бардык адамдарды ар кандай формаларда коргоонун принциптеринин жыйнагы (1988-ж.);
- Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү принциптери (Стамбул протоколу) (1999-ж.);
- Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясы (3-берене);
- Адам укуктары боюнча Америка конвенциясы (5-берене);
- Адам жана калктын укуктары жөнүндө Африка хартиясы (5-берене);
- Адам укуктары боюнча Араб хартиясы (5-берене) ж.б.

**Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт**

Кыйноолордун жана катаал мамилелердин жалпы кабыл алынган эл аралык аныктамасынын жоктугуна карабастан, бул көрүнүштүн негизги мүнөздөмөлөрүнө тиешелүү белгилүү бир ыкма бар. Ал Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын

---

[1] Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 5-бер.: «Эч ким кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылбашы керек». 1948-жылдын 10-декабрындагы БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[2] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 7-бер.: «Эч ким кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылбашы керек. Тактап айтканда, эч бир адамга анын эркин макулдугусуз медициналык же илимий эксперимент жүргүзүлбөшү керек». 1966-жылдын 16-декабрындагы Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[3] Ошол эле жерде.

(ЖСУЭАП) текстинде чагылдырылган, ал ачыктан-ачык ушундай тыюу салууну камтыган адам укуктары боюнча биринчи келишимди билдирет.

*Эл аралык укукта иштелип чыккан аныктамада* ***кыйноолор*** *деген түшүнүк билдирет:*
***"Кимдир бирөөгө, андан же башка адамдан маалыматтарды алуу же мойнуна алдыруу максатында адамды дене-бойлук жана психикалык жапа чегүүнү келтирүү; ал же башка адам жасаган же жасады деп шектелген жосун үчүн аны жазалоо; ал эми ошого тете белгилүү бир жосундарды жасоо үчүн аны же башка адамды коркутуу же мажбурлоо, же ар кандай мүнөздөгү басмырлоого негизделген себеп боюнча кызмат адамы тарабынан, же болбосо анын шыкактоосу боюнча, анын жетегинде же унчукпаган макулдугу менен жасалган ар кандай иш-аракеттер. Бул аныктама мыйзамдуу санкциянын натыйжасында пайда болгон же бул санкциялардан ажыратылгыс же алар тарабынан кокустан пайда болгон ооруну же азапты камтыбайт»[4].***

7-беренеде мындай деп жазылган «эч ким кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылбашы керек». ЖСУЭАПдын 4(2)-беренесинде каралгандай, эч бир кандай кырдаалда, өзгөчө террористтик актылар менен шартталган кырдаалдарда 7-беренеден четтөөгө жол берилбейт.

Бул 7-берене (А/44/40) боюнча №20 Жалпы тартиптеги сын-пикирлерде БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан тастыкталган, анда төмөнкүдөй айтылган «эч кандай шылтоо же жеңилдетүүчү жагдайлар 7-беренени ар кандай себептер боюнча, анын ичинде жогорку кызмат адамынын же мамлекеттик бийлик органдарынын буйругу дагы бузуу үчүн негиз катары келтирилбейт».

Камакта кармоонун максаттарына карабастан, «Эркиндигинен ажыратылган бардык адамдар гумандуу мамилеге жана адамга мүнөздүү кадыр-баркын урматтоого укуктуу».

Кадыр баркын басмырлоочу мамиленин аныктамасына туура келген камакта кармоонун шарттарын түзүүгө ар кандай факторлор себеп болушу мүмкүн, анын ичинде:

- толгон камералар же кармоо шарттары;
- канааттандырарлык эмес санитардык-гигиеналык шарттар;
- ичүүчү суунун жана тамак-аштын жетишсиздиги;
- жугуштуу оорулардын жайылышы, бийлик оорунун жайылышын алдан алуу үчүн жетиштүү чараларды кабыл албашы;
- желдетүү жана табигый жарыктын жетишсиздиги;
- камактагылардын спорттук машыгуулары жана эс алуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн чектелгендиги же жеткиликсиздиги.

Адам укуктары боюнча комитети тыюу салынган иш-аракеттердин тизмесин иштеп чыкпоо же жазанын же мамиленин ар кандай формаларынын ортосунда так чектөөлөрдү белгилөө зарыл деп эсептеди, себеби бул чектөөлөр колдонулган мамиленин мүнөзүнө, максатына жана катаалдыгына жараша болот.

Адам укуктары боюнча комитеттин жалпы ыкмасы боюнча жабырлануучуну **денесине катуу залал келтирүү** гана кыйноо эмес, ошондой эле **психологиялык азапка** салган иш-аракеттер дагы кыйноого жатат.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка (ЖСУЭАП) кошумча кыйноолорго каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык укуктун негизги инструменти болгон

[4] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 1-бер.

атайын Кыйноолорго каршы конвенция (ККК) бар. Бүгүнкү күндө ККК 166 мамлекетте ратицикацияланган[5].

**Кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенция[6] (**мындан ары **- ККК)** " кыйноолор" же "катаал", "адамкерчиликсиз" же "кадыр-баркты басмырлаган" мамилеге аныктама бербейт. Анын ордуна, ушул Конвенциянын 1-беренесинин ыкмасындагы элементтердин аныктамасында камтылган, алар жыйындысында "кыйноо" актылары катары квалификацияланышат.

***Конвенциянын 1-беренесине ылайык:***

***«кыйноолор – бул мамлекеттик кызмат адамы же расмий мам.кызматкер болгон башка адам тарабынан жасалган же алардын демилгеси боюнча, же алар билип туруп, же алардын тымызын макулдугу менен шартталган ар кандай иш аракеттер, «алар тарабынан кайсыл бир адамдан, ал же үчүнчү жак жасаган же жасоого шектелген иш аракеттер үчүн ал же үчүнчү жактан маалымат алуу же моюнга алдыруу үчүн, ошондой эле ар кандай мүнөздөгү дискриминацияга негизделген ар кандай себептер боюнча аны же үчүнчү жакты коркутуу же мажбурлоо үчүн атайын физикалык же адеп ахлактык денесине катуу залал келтирүү же азап келтирүү...».***

Кыйноолор өзүнүн аныктамасы боюнча атайылап жасалган кылмыш экендигин белгилей кетүү маанилүү. Ошондой эле кыйноолордун аныктамасында кыйноолордун максаттары баса белгиленгенин эске алуу керек: маалымат алуу же күнөөлөрдү моюнга алдыруу, (мыйзамсыз) болжолдонгон жосунду жазалоо, коркутуу же мажбурлоо. Аныктама ошондой эле кыйнаган же азап чектирген, ага үндөгөн же унчукпай макулдук берген адам катары расмий түрдө иш алып барган мамлекеттик кызмат адамынын катышуусун баса белгилейт.

Мында, денесине залал келтирүү менен жөнөкөй сабоону (мисалы кошуналар ортосунда) кыйноо деп эсептөөгө болбойт, бирок албетте, мындай жосун жазыктык жазалануучу терс жорук болуп саналат, себеби, эгерде ур-токмок пайда болгон келишпестиктен чыкса жана кошунасынын кызматтык абалы бул жерде эч кандай роль ойнобосо, катышуучулардын бири мамлекеттик кызматкер болуп чыкса дагы, бул абалды өзгөртпөйт.

Бул жосундун кесепети кыйноо катары төмөнкү шарттарда гана квалификацияланат:

1) *атайылап денесине катуу залал келтирүү жана азап чектирүү (анын ичинде психикалык азапты жараткан иш-аракеттер);*
2) *жабырлануучудан же үчүнчү жактан маалымат алуу же моюнга алдыруу же болбосо кандайдыр бир иш-аракеттер үчүн жазалоо, же жабырлануучудан же үчүнчү жакты коркутуу же мажбурлоо, кодулоо максатында;*
3) *кызмат адамынын же расмий катары башка адамдын түздөн-түз же кыйыр катышуусу менен, же анын аракетсиздиги үчүн денеге катуу залал келтирүү же азапка салуу.*

Адам укуктары боюнча эл аралык документтер7 бир гана кыйноолорго эмес, башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнө тыюу салууну белгилейт. Кыйноолорго каршы Конвенциянын 16-беренесине ылайык «ар бир катышуучу мамлекет анын юристикциясында болгон, бардык аймагында 1-беренедеги кыйноолордун аныктамасына кирбеген, башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын башка аракеттер мамлекеттик кызмат адамы же расмий

---

[5] Кыргыз Республикасыц 1997-жылдын 5-сентябрында Катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазанын түрлөрүнө каршы Конвенцияга кошулган.

[6] Кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенция1984-жылдын 10-декабрында Башкы Ассамблеянын 39/46 резолюциясы менен кабыл алынган. Дареги: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/torture.shtml

[7] Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 5-бер.; Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 7-бер.

мам.кызматкер болгон  башка адам тарабынан же алардын демилгеси боюнча, же алар билип туруп,  же алардын тымызын макулдугу менен жасалган зомбулукту алдын алууга милдеттенет».

Айрым учурларда “кыйноо” менен “ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны” айырмалоо кыйын, себеби эки аныктама тең мамлекеттик кызмат адамы же  расмий мам.кызматкер болгон  башка адам тарабынан же алардын демилгеси боюнча, же алар билип туруп,  же алардын тымызын макулдугу менен жасалган ырайымсыз психикалык же физикалык зомбулукту камтыйт, анын бир эле айырмачылыгы бар, ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер же жазалар белгилүү бир максатты көздөбөстөн колдонулат жана кыйноолор катары квалификацияланууга жетиштүү түрдө каттаал болуп саналбайт.Начало формыКонец формы

| |
|---|
| *Ошентип,* ***ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер же жазалар*** *(мындан ары-ЫАКМ)* ***кыйноого караганда анча оор эмес азап менен коштолгон орой мамилени*** *билдирет.* |

Кыйноолор болуп саналбаган, орой мамиленин бул формалары адатта, кандайдыр бир белгилүү бир максат үчүн колдонулбайт, бирок, бул учурларда адамды катаал мамилеге барабар  шарттарга дуушар кылуу ниети менен жасалат. Кадыр-баркты басмырлоо ырайымсыздыктын белгилүү бир деңгээлине жеткен шартта  жабырлануучуда коркуу, кыйналуу же кемсинтүү сезимин пайда кылганда, кадыр-баркын басмырлоо катары квалификацияланышы мүмкүн.

| | |
|---|---|
| **Кыйноо болуп саналбаган орой мамиленин формаларын аныктоочу негизги элементтер:** | 1) атайылап денесине катуу залал келтирүү же азап чектирүү (анын ичинде жан дүйнөсүн азапка салган аракеттер), |
| | 2) белгилүү бир максатсыз азап чектирүүү |
| | 3) мамлекеттик кызмат адамынын же расмий мам.кызматкер катары башка адамдын түз же кыйыр катышуусунда, ошондой эле анын аракетсиздигинен улам  денесине катуу залал келтирүү же азапка салуу |

Кыйноолорго каршы  Конвенциянын 1-беренесине ылайык, “мыйзамдуу санкциянын натыйжасында пайда болгон  оору жана азап,  бул санкциялардан ажыратылгыс жана алар тарабынан кокустан келтирилген” кыйноонун аныктамасынан алынып салынган.  Бул алып салуунун түшүндүрмөсү боюнча, “мыйзамдуу санкция”  аныктамасы Эл аралык укуктун стандарттарын сактоону билдирет.

Конвенция катышуучу мамлекеттер өздөрүнүн улуттук мыйзамдарына ылайык кыйноолорду кылмыш катары кароого тийиш  гана эмес,  кыйноолорду актоо үчүн  “жогору турган башчынын же мамлекеттик бийликтин буйругуна” же “өзгөчө жагдайларга” ар кандай шилтеме кылууга тыюу салат.

Ошентип, согуш абалындабы, ички саясий туруксуздукпу  же башка өзгөчө кырдаалдарбы, кандай гана болбосун, эч кандай өзгөчө жагдайларда кыйноолорду актоо катары  кароого болбойт. Конвенциянын сакталышына контроль Кыйноолорго каршы комитет тарабынан ишке ашырылат.

БУУнун ККнын 2(1)-беренесинде “ар бир катышуучу мамлекет анын юрисликциясындагы бардык аймакта кыйноо актыларын алдын алуу үчүн натыйжалуу мыйзамдуу, административдик, соттук жана башка чараларды кабыл алат” деп жазылган.

Бул милдеттенме бир нече чараларды  кабыл алууну болжолдойт, анын ичинде кызмат адамдарды окутуу (укук коргоо органдарынын жана түзөтүүчү мекемелердин кызматкерлерин, судьяларды жана прокурорлорду), камакка кармоо жайларына карата кепилдик берүү (мисалы, адвокатка же медициналык адистерге токтоосуз жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, ошондой эле эл аралык стандарттарга ылайык камакта кармоонун протоколун

жүргүзүү), кыйноолорду криминализациялоо жана кыйноолор жана адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилелер жөнүндө билдирүүлөрдү тергөөнү тез арада жүргүзүү.

Бардык мамлекеттер кыйноолордун бардык актылары жана кыйноого кошо катышуулар же катышуулар алардын жазык укуктарына ылайык кылмыш катары квалификацияланышын камсыз кылууга тийиш (БУУнун ККнын 4-беренеси).

Эл аралык укук менен кыйноо актыларын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтүү адамдарды куугунтуктоо боюнча милдети так аныкталган. Бул милдеттенме адам укуктары боюнча бардык негизги эл аралык келишимдердин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана БУУнун ККнын 7-беренесинде так чагылдырылган. Мамлекет өз аймагында кыйноо актыларын жасоого же ага катыштыгы бар шектүү адамды аныктаганда, бул мамлекет же соттук териштирүү максатында тергөөнү баштоого же сураган мамлекетке өткөрүп берүүгө милдеттүү.

Ошондой эле кыйноолордун жабырлануучуларына укуктук коргоо каражаттары, анын ичинде компенсация тийиштүү түрдө кепилдендирилүүгө тийиш. БУУнун ККнын 14-беренесинде "ар бир катышуучу мамлекет өзүнүн укуктук системасында, кыйноолордун курмандыктарына келтирилген зыяндын ордун толтуруу каражатын алуусун жана толук калыбына келтирүү каражатын кошо алганда, кыйноонон жабырлануучу калыбына келтирүүнү адилеттүү жана адекваттуу компенсацияга укуктук санкция менен бекитилген укук алышын камсыздайт. Кыйноонун натыйжасында адам каза болгон учурда компенсацияга болгон укук анын багуусундагы адамдарга берилет".

ККК адамдарды, алар кыйноого дуушар болуу коркунучу бар болгон өлкөлөргө өткөрүп берүүгө тыюу салат жана кыйноолор үчүн жазык куугунтуктоо милдеттенмесин белгилейт.

Мында ККГа катышуучу мамлекеттер кыйноолор үчүн жазык жоопкерчиликти белгилөө гана эмес, ошондой эле "анын компетентүүү органдары анын юрисдикциясындагы аймагында кыйноолор болгон деп эсептөөгө жетиштүү негиздер бар болгон учурда ыкчам жана калыс тергөө жүргүзүүгө" милдеттендирилет"[8].

Ошондой эле катышуучу мамлекеттер "ушул мамлекеттин юристикциясында болгон бардык аймагында кыйноолорго дуушар болдум деп маалымдаган ар бир адамга, ушул мамлекеттин компетентүү бийлигине даттануу берүүгө жана ушундай даттануу алар тарабынан тез жана калыс кароону" камсыздоону, ошондой эле "арызданууччунун жана күбөлөрдүн анын даттануусуна же башка күбө көрсөтмөлөрүнө байланыштуу ар кандай орой мамиленин же коркутуунун ар кандай формаларынан коргоону камсыз кылуу үчүн чараларды" кабыл алуу милдеттенмелерин өзүнө алат"[9].

Ошондой эле мамлекет "кыйноолордун курмандыктарына келтирилген зыяндын ордун толтуруу каражатын алышын жана толук калыбына келтирүү каражатын кошо алганда, адилеттүү жана адекваттуу компенсацияга укуктук санкция менен бекитилген укук алышын камсыздайт. Кыйноонун натыйжасында адам каза болгон учурда компенсацияга болгон укук анын багуусундагы адамдарга берилишин" камсыз кылат[10].

[8] Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы Конвенция, 12-бер.
[9] Ошол эле жерде, 13-бер.
[10] Ошол эле жерде, 14-бер.

**Вена декларациясы жана Иш-аракеттер программасы**

Вена декларациясы жана Иш-аракеттердин программасы 1993-жылы 25-июнда Адамдардын укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференцияда 171 мамлекеттин өкүлдөрү тарабынан кабыл алынган. Декларацияны жана Иш-аракеттердин программасын кабыл алуу менен, БУУнун катышуучу мамлекеттери адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин урматтоого жана адам укуктарын ишке ашыруу бардык адамдар үчүн иш жүзүнө ашырууга багытталган жеке жана жамааттык чараларды жана программаларды кабыл алууга салтанаттуу түрдө убада беришкен.

***Декларациянын жана Иш-аракеттердин В бөлүмүнүн 5-пунктунда " Адам укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференция кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы Конвенцияны көптөгөн катышуучу мамлекеттери тарабынан ратификациялангандыгын кубаттайт жана адамдын кадыр-баркына шек келтирүүнүн эң жийиркеничтүү жолдорунун бири - бул кыйноо, алар кыйноонун жабырлануучусу болгон адамдын кадыр-баркын кетирээрин жана алардын жашоосун жана ишмердүүлүгүн улантуу жөндөмүн төмөндөтөөрүн белгилөө менен, бардык башка катышуучу мамлекеттер тарабынан аны эртерээк ратификациялоого үндөйт. Кыйноолордон эркин болуу укук болуп саналат, ал бардык жагдайларда, анын ичинде ички же эл аралык башаламандыкта же куралдуу конфликте корголууга укуктуу***

Адамдардын укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференция ошондой эле бардык мамлекеттерди кыйноо практикасын тезинен токтотууга жана Адамдардын укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын, ошондой эле тийиштүү конвенцияларды толугу менен жүзөгө ашыруу аркылуу, зарыл болгон учурларда бар болгон механизмдерди бекемдөө аркылуу бул жамандыкты түбөлүккө жок кылууга үндөйт. Анда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган, медицина кызматкерлеринин, айрыкча дарыгерлердин түрмөдөгүлөрдү же камактагыларды кыйноолордон жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен же жазадан коргоодогу ролу менен байланышкан М**едициналык этика принциптерин** жалпыга бирдей сактоого жана натыйжалуу ишке ашырууга өзгөчө көңүл буруу керек.

Кыйноолор сыяктуу адам укуктарынын одоно бузулушуна жоопкер адамдар жазасыз калышына жол берген мыйзамдарды жокко чыгарууга мамлекеттерди чакыруу жана мындай мыйзам бузууларды жазалоо менен мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн бекем негиз түзүүгө чакырат. Адамдардын укуктары боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциясы белгилегендей, Кыйноолорду жок кылуу боюнча иш-аракеттер биринчи кезекте алдын алуу иш-чараларына багытталышы керек, ага ылайык, камак жайларына үзгүлтүксүз баруунун алдын алуу тутуму түзүлүшү керек".

**Укук тартибин сактоо боюнча адамдардын жүрүм-турум кодекси**

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1979-жылдын 17-декабрындагы 34/169 резолюциясы менен укук тартибин сактоо боюнча кызмат адамдарынын жүрүм-турум кодексин кабыл алган жана БУУнун катышуучу мамлекеттерине укуктук тартипти сактоо боюнча кызмат адамдары тарабынан сакталышы тийиш болгон принциптердин жыйындысы катары аны улуттук мыйзамдардын же практиканын алкагында колдонуу жөнүндө маселени оң карап чыгуу сунушу менен кайрылган.

***Кодекстин 5-беренеснде: “Укук тартибин сактоо боюнча бир дагы кызмат адамы кыйноолорду же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны түзгөн кандайдыр бир иш-аракеттерди жасай албайт, козутпайт жана жол бербейт, жана укук тартибин сактоо боюнча бир дагы кызмат адамы кыйноолорду же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны актоо үчүн, жогору турган кызмат адамынын тескемесине же согуш абалы же согуш коркунучу, улуттук коопсуздукка коркунуч, ички саясий туруксуздук же башка ар кандай өзгөчө кырдаал сыяктуу өзгөчө жагдайларга шилтеме жасай албайт” деп жазылган.***

**Ар кандай формадагы кармалган же түрмөдө жаткан бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысы**

Аталган Жыйынды БУУнун Башкы Ассамблеясынын1988-жылдын 9-декабрындагы 43/173 резолюциясы менен кабыл алынган.

***Принциптер жыйындысынын 6-принцибинде: «Бир дагы кармалган же түрмөдө жаткан адам кыйноолорго же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага дуушар болбоого тийиш». Кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазалоону эч кандай жагдай актай албайт.***

“Ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жаза” термини убактылуу же биротоло ар кандай табигый сезимдеринен ажыратуучу көрүү, угуу, мейкиндик же убакыт багытын байкоо шарттарда камакка алынган же түрмөдө жаткан адамды кошкондо, физикалык же психологиялык мүнөздөгү кыянатчылыкка каршы кеңири коргоону камсыз кылгандай чечмелениши керек.

**Медициналык этиканын принциптери**

БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1982-жылдын 18-декабрындагы 37/194 резолюциясы менен камакка алынган же түрмөдө жаткан адамдарды кыйноолордон же башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен же жазадан коргоодо медициналык кызматкерлердин, айрыкча дарыгерлердин ролуна тиешелүү болгон Медициналык этиканын принциптери кабыл алынган.

***1-принцип:***

«Камакка алынган же түрмөдө жаткан адамдарга медициналык тейлөөнү камсыз кылган саламаттыкты сактоо кызматкерлери, айрыкча дарегерлер физикалык жана психикалык ден соолугун коргоого жана камакка алынбаган же түрмөдө жатпаган адамдарга көрсөтүлгөндөй сапаттагы жана деңгээлдеги ооруларды дарылоону камсыз кылууга милдеттүү”.

***2-принцип:***

“Саламаттыкты сактоо кызматкерлери, айрыкча дарегерлер колдонуудагы эл аралык документтерге ылайык, медициналык этиканы одоно бузушат, ошондой эле кылмыш жасашат, эгерде алар кыйноолорго же башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага катышууну же шериктештикти түзгөн иш-чараларга, активдүү же пассивдүү катышышса, же аларды жасоого үндөшсө, же аларды жасоого аракет кылышса”.

**Кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү принциби**

Принциптер тергөөгө тиешелүү пункттарга негизделген, алар БУУнун Экономикалык жана Социалдык Кеңеши тарабынан 1989/65-резолюциясында кабыл алынган жана БУУнун

Башкы Ассамблеясы тарабынан 44/162 (1989) резолюциясы менен бекитилген, мыйзамсыз, өзүм билемдик жана суммардык жазалардын натыйжалуу алдын алуу жана тергөө боюнча колдонмодо камтылган. Принциптер кыйноолор көйгөйүнө өлүм жазасына карата колдонулган тергөө принциптерин колдонуу максатында, бирок көйгөйдүн спецификасын чагылдырган түзөтүүлөр менен иштелип чыккан. Башкы Ассамблеясы тарабынан 55/89 (2000) резолюциясы менен БУУнун катышуучу мамлекеттеринин өкмөтөрүн Принциптерге көңүл буруууга чакырган жана аларды кыйноолорго каршы күрөштүн пайдалуу инструменти катары кароону сунуштаган.

**Азия регионунда** адам укуктары жаатында тийиштүү документтер кабыл алынган, тактап айтканда:

**– 2012-жылдагы АСЕАН Адам укуктары жөнүндө декларация (2012-жылдын 18-ноябры)**

**– Адам укуктары боюнча Азия хартиясы (1998-жылдын 17-майы).**

Декларациянын 14-беренесинде “ эч ким кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылбашы керек ” деп каралган, андан айырмаланып, Адам укуктарынын Азия хартиясында кыйноолорго же орой мамиленин башка формаларына тиешелүү өзүнчө жобо каралган эмес.

3.3-беренесинде “Азиянын көпчүлүк бөлүктөрүндө согуштар, этникалык кагылышуулар, маданий жана диний кысымга алуу, саясатчылардын коррупцияга малынгандыгы, айлана-чөйрөнүн булганышы, жоголуу, кыйноолор, мамлекеттик же жеке терроризм, аялдарга карата зомбулук жана башка массалык зомбулук мурдагыдай эле адамзаты үчүн ааламат боюнча калууда, ал миңдеген күнөөсүз адамдардын өлүмүнүн себеби болууда”. Бул жобо бузуулардын ар кандай формаларын санап өтөт, алар кыйноолорду же орой мамиленин башка формаларын камтышы мүмкүн. Атап айтканда, 3.5-беренеде, мамлекет бузуулар, анын ичинде кыйноолор жөнүндө арыздарды “кылдат иликтөө” боюнча жоопкерчилик тарта тургандыгы каралган.

14.2-беренеде “катаал мамиле, кыйноо, ырайымсыз жана адамгерчиликсиз мамилеге” шилтеме берилген, адамгерчиликсиз мамиле - камакта жаткандар жана камактагылар антисанитардык шартта кармалышат, жетиштүү тамак-аштан жана медициналык жардамдан ажыратылган, алар адвокаттарга жетимдүүлүктөн ажыратылган жана үй-бүлөлөрү менен байланышууга жана алардын колоосунун ажыратылган орой мамиле (ага ошондой эле “өзүм билемдик менен камакка алуу, камакка алуу, кармоо” кирет) дегенди билдирет. Түрмөлөр көпчүлүк учурларда тоуп калган. Камакта кармоо жайларында каза болгон учурлар көп кездешет. Камакка алынган адам көп учурларда адилеттүү жана бат соттук териштирүү укугунан ажыратылган.

## 1.2 КЫЙНООЛОРДУН ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРЫН КОРГООНУН ЭЛ АРАЛЫК МЕХМЕХАНИЗМДЕРИ

### Кыйноолорго каршы комитет

Кыйноолорго каршы комитет Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы Конвенциянын 17-беренесине ылайык 1987-жылы түзүлгөн. Комитет жогорку моралдык сапаттарга ээ жана адам укуктары жаатында таанылган компетенттүүлүккө ээ 10 эксперттен турат. Комитеттин жеке курамында иштеген мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү төрт жылды түзөт жана ал узартылышы мүмкүн. Эреже катары, жыл сайын Комитет эки кезектүү сессия өткөрөт.

**Мезгилдүү докладдар**

Конвенциянын ар бир катышуучу мамлекети Конвенцияга ылайык өз милдеттерин ишке ашыруу боюнча алар тарабынан кабыл алынган чаралар жөнүндө докладды Комитетке берет. Ар бир докладды карап чыккандан кийин, Комитет доклад боюнча максатка ылайыктуу деп эсептеген сын пикирлерди бере алат. Атап айтканда, Конвенцияга ылайык ага жүктөлгөн айрым милдеттер аткарылбагандыгын тийиштүү мамлекетке көрсөтө алат.

Комитеттин сын пикири тийиштүү катышуучу мамлекетке берилет, ал мамлекет берилген сын пикирге жооп бере алат. Бирок Комитеттин корутунду сын пикирлери юридикалык жактан милдеттүү күчкө ээ эмес, алар мындай токтом чыгарууга ыйгарым укуктуу жана жалгыз эксперттик органдын ой-пикирин чагылдырат. Мында, мамлекет тарабынан мындай пикирлерди тоготпоо же сактабай коюу, алардын Конвенция боюнча өздөрүнүн милдеттенмелерин ак ниеттүү эмес аткаруусу жөнүндө күбөлөндүрөт.

**Тергөө жүргүзүүгө ыйгарым укуктар**

Конвенциянын 20-беренесине ылайык, Комитет катышуучу мамлекеттер тарабынан кыйноолорду системалуу түрдө колдонгондугу жөнүндө айыптоолорду жашыруун, же тийиштүү мамлекет менен кызматташуу аркылуу алууга жана тергөө жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу. Комитеттин тергөө жүргүзүү компетенциясы факультативдүү болуп саналат, себеби Конвенцияны ратификациялоо учурунда же ага кошулууда тигил же бул мамлекет бул компетенцияны таанybай тургандыгын билдире алат. Бул учурда, мындай эскертмени алып салууга чейин Комитет ушул мамлекетке карата Конвенциянын 20-беренеси менен таанылган ыйгарым укуктарды ишке ашыра албайт.

Конвенциянын 20-беренесинде каралган процедураларды кабыл алган бардык мамлекеттерге карата Комитет кыйноолорду колдонуу жөнүндө билдирүү ала алат. Эгерде Комитет, алынган билдирүүдө Конвенциянын кайсыл бир катышуучу мамлекеттинин аймагында кыйноолорду системалуу түрдө колдонуу жөнүндө негиздүү далилдер камтылган деп эсептесе, ал бул мамлекетке аталган жүйөлөр боюнча өзүнүн сын пикирлерин берүү аркылуу ушул билдирүүнү кароодо кызматташууну сунуштайт. Комитет ошондой эле өкмөттүк же өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн, ошондой эле жеке жактардан баалоо үчүн жаңы элементтерди алуу максатында кошумча маалымат сурап ала алат.

Комитет жашыруун тергөө жүргүзүү үчүн өзүнүн мүчөлөрүнөн бирди же бир нече мүчөлөрүн дайындай алат, эгерде ал алынган билдирүүгө байланыштуу аны максатка ылайыктуу деп эсептесе. Бул учурда зарыл болгон маалыматты берүү үчүн тергөөнү жүргүзүү тапшырылган Комитеттин мүчөлөрү менен кездешүү үчүн ыйгарым укуктуу мүчөлөрдү дайындоону тийиштүү катышуучу мамлекетке сунуштайт. Тийиштүү мамлекеттин макулдугу менен тергөө анын аймагына барууну да камтышы мүмкүн, анын жүрүшүндө алар күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн уга алышат. Тергөө жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу Комитеттин мүчөлөрү өз жыйынтыктарын Комитеттин кароосуна жиберишет, ал өзүнүн сын-пикирлери жана сунуштары менен тиешелүү мамлекетке жөнөтөт. Бул мамлекетке алган түшкөн сын-пикирлер менен байланыштуу алар тараптан көрүлүп жаткан иш-аракеттер жөнүндө Комитетти мындан ары маалымдап туруу сунушталат.

Тергөө менен байланышкан иштерди аяктагандан жана катышуучу мамлекет менен сүйлөшүүдөн кийин Комитет өзүнүн жыл сайынкы докладына тергөөнүн жыйынтыктары жөнүндө кыска отчетту киргизүү жөнүндө чечимди кабыл алат.

Бирок бул учурда Комитеттин ишмердүүлүгү ачыкталат; башка учурларда бардык ишмердүүлүк жана тергөө менен байланышкан документтер жашыруун бойдон калат.

**Мамлекеттердин даттануулары**

Конвенциянын 21-беренесинде каралган, мамлекеттердин даттануулары менен байланышкан процедуралардын жүрүшү Комитеттин тийиштүү компетенциясын бул

мамлекеттер тарабынан таануу менен шартталган. Комитет кайсыл бир катышуучу мамлекеттин башка катышуучу мамлекет тарабынан Конвенцияга ылайык өзүнүн милдеттенмелерин аткарбай жаткандыгы жөнүндө арыздарды алууга жана кароого укуктуу.

***Айрым адамдардын даттануулары***

Кыйноолорго каршы комитетке билдирүүнү, Комитеттин компетенциясын тааныган жана анын юристикциясында турган тигил же бул катышуучу мамлекет тарабынан Конвенцияны бузуунун курмандыгы экендигин билдирген бардык адамдар тарабынан тапшырылат. Эгерде жабыр тарткан адам билдирүүнү өзү бере албаса, анда анын атынан ата-энеси же өкүлдөрү бере алышат.

| | |
|---|---|
| ***Билдирүүнү кабыл алуу үчүн:*** | *анонимдүү жана Конвенциянын жоболоруна ылайык келбеген билдирүү болбоого тийиш;* |
| | *билдирүү берүү укугун кыянаттык менен пайдаланбоо;* |
| | *Эл аралык тергөөнүн башка процедурасынын алкагында каралган же каралып жаткан билдирүү болбоого. Мындан тышкары, каргонуунун бардык ички каражаттары колдонулушу керек* |

Колдонуу маселеси боюнча кошумча маалыматтарды, түшүндүрмөлөрдү же эскертүүлөрдү Комитет тарабынан тийиштүү катышуучу мамлекеттен же билдирүүнүн авторунан суратылышы мүмкүн. Эгерде билдирүү алгылыктуу эмес деп табылса, Комитет тиешелүү тараптарга маалымдайт.

Эгерде Комитет кайсыл бир билдирүүнүн алгылыктуулугу жөнүндө чечим кабыл алса, ал билдирүүнүн авторун жана тийиштүү катышуучу мамлекетти бул тууралуу маалымдайт. Конвенцияны бузган катышуучу мамлекет алты айдын ичинде Комитетке бул маселени түшүндүргөн түшүнүк кат же арыз берүүгө жана абалды оңдоо үчүн кабыл алынган чараларды көрсөтүүгө тийиш. Билдирүүнүн автору Комитетке өзүнүн сын пикирлерин же кошумча маалымат берүүгө укуктуу. Мындан тышкары, эгерде Комитет максатка ылайык деп тапса, маселенин маңызы боюнча түшүндүрүү берүү үчүн Комитеттин жабык отурумдарына өзү же өзүнүн өкүлү аркылуу катыша алат. Комитет ошондой эле тийиштүү мамлекеттин өкүлүн чакыра алат.

**Кыйноолор жөнүндө маселелер боюнча атайын баяндамачы**

1985-жылы Адам укуктары боюнча БУУнун Комиссиясы кыйноолор жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрү жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачы кызмат ордун түзгөн.

Атайын баяндамачы кеңири ыйгарым укуктарга ээ, ал ага ар түрдүү иштерди аткарууга, анын ичинде дүйнөнүн бардык регионунда кыйноолор колдонуу актысын тергөөгө мүмкүнчүлүк берет.анын ыйгарым укуктары кыйноолор жөнүндө маалыматты суратууга жана алууга жана ага токтоосуз чара көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Атайын баяндамачы дарегине келип түшкөн даттанууларды изилдейт, жеринде иликтөө жүргүзүү үчүн ошол өлкөнүн өкмөтүнүн чакыруусу боюнча же жеке демилгеси боюнча ошол же башка өлкөгө иш сапарга барат, ошондой эле иликтөөнүн жыйынтыгын жана өзүнүн сунуштарын Адам укуктары боюнча БУУнун Комиссиясына жиберет. Ал тигил же бул өлкөнүн өкмөтүнөн, эгерде кыйноолор орун алган болсо, кыйноолорду алдын алуу же кыйноолорду колдонуунун кесепеттерин жоюу максатында кабыл алынган мыйзам чыгаруу жана административдик чаралар жөнүндө маалыматты суратып алат. Атайын баяндамачы аны менен жолугушууга каалоосун билдирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү менен кеңешүү өткөрүү үчүн дүйнөнүн ар кайсыл региондоруна дагы барат. Атайын баяндамачы соттук тартипте Кыйноолорго каршы конвенциянын бузуучуларын куугунтуктоого ыйгарым укуктуу эмес. Бирок, анын отчетторун жана сунуштарын бардык эл аралык коомчулук угат.

**Адам укуктары боюнча комитет**

Адам укуктары боюнча комитет Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 28-беренесине ылайык 1977-жылы түзүлгөн. Комитет жогорку моралдык сапаттарга ээ жана адам укуктары жаатында таанылган компетенттүүлүккө ээ, Пактынын катышуучу мамлекеттеринин жарандары болгон, 18 мүчөдөн турат. Комитеттин мүчөлөрү Пактынын катышуучу мамлекетеринин жыйналышында жашыруун добуш берүү менен төрт жылдык мөөнөткө шайланат жана өз өлкөлөрүнүн өкүлдөрү катары эмес, жеке адам катары иштешет.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык Пактты ратификациялаган же ага кошулган бардык мамлекеттер Комитетте Пактта көрсөтүлгөн укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн көрүлгөн чаралар жана ушул укуктардан пайдаланууда жетишилген ийгиликтер жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

Докладды кароодо Комитет мүчөлөрү көптөгөн булактарга: БУУнун адам укуктары боюнча башка органдарынын, атайын баяндамачылардын жана жумушчу топторунун докладдарына, ошондой эле эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын докладдарына таянашат. Ар бир докладды кароонун жыйынтыгы боюнча: Комитет “корутунду сын пикирлерди” кабыл алат, алар Комитеттин тиешелүү катышуучу мамлекетинде Келишимдин аткарылышынын абалы жөнүндө Комитеттин пикирин билдирет.

Комитеттин корутунду сын пикирлери юридикалык күчкө ээ болбосо дагы, мындай токтомдорду кабыл алууга ыйгарым укуктуу жана жөндөмдүү бирден-бир эксперттик органдын корутундусун чагылдырат. Мамлекет тарабынан корутунду сын пикирлерге көңүл бурбоо же аткарбоо алардын Пакт боюнча милдеттенмелерин аткарууда ак ниеттүү эмес экендигин көрсөтөт.

***Жеке даттануулар***

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын факультативдик протоколуна ылайык, Комитет

Пактта баяндалган ар кандай укуктардын, анын ичинде кыйноолордон эркин болуу укугун (Пактынын 7-беренеси) Пактынын катышуучу мамлекети тарабынан бузуунун курмандыгы деп эсептеген адамдардын билдирүүлөрүн алууга жана карап чыгууга укуктуу. (статья 7 Пакта).

| | |
|---|---|
| ***Комитет тарабынан кароого билдирүүнү кабыл алуу үчүн төмөнкү талаптар сакталууга тийиш:*** | *– билдирүүдө Пактыда баяндалган укуктар гана бузулууга тийиш;* |
| | *– билдирүү Пактынын катышуучу мамлекеттеринин жана ага Факультативдик протоколдун юрисдикциясында болгон адам же адамдар тарабынан берилүүгө тийиш;* |
| | *– эгерде билдирүүнү жабырлануучу болбогон адам жиберсе, ал болжолдуу жабырлануучунун атынан иш алып баргандыгын тастыктаган далилдерди келтириши керек;* |
| | *– билдирүү анонимдүү болбоого тийиш;* |
| | *– иш башка эл аралык жол-жоболоруна ылайык кароодо турбашы керек;* |
| | *– комитетке билдирүү жөнөтүүдөн мурун, жабырлануучу бардык ички каражаттарды колдонуп бүткөн болушу керек (б.а. анын кызмат адамына (уюмга) каршы доосу улуттук биринчи жана экинчи инстанциядагы соттор тарабынан каралып чыгуусу керек); мындан тышкары, эгерде мындай каражаттарды колдонуу негизсиз узартылса же ички укуктук коргоо каражаттары жабырлануучудан көз каранды болбогон себептерден улам түгөнбөсө.* |

Билдирүүнүн кабыл алынышы же кабыл алынбашы жөнүндө чечим кабыл алаардан мурун, Комитет болжолдуу жабырлануучудан же тиешелүү мамлекеттен кошумча маалыматтарды же комментарийлерди сурап, аларды берүү мөөнөтүн белгилей алат. Эгерде ушул этапта мамлекет келип түшкөн билдирүүгө жооп жөнөтсө, анда даттануунун автору болгон адам өзүнүн сын пикирлерин берүү үчүн ушул жооптун көчүрмөсүн алат.

Мындан кийин, Комитет билдирүү алгылыктуубу же жокпу чечет. Эгерде билдирүү алгылыктуу эмес деп табылса, анда аны андан ары кароо токтотулат. Эгерде билдирүү алгылыктуу деп таанылса, анда Комитет тиешелүү мамлекеттен бул маселени түшүндүргөн түшүндүрмө же билдирүүлөрдү берүү жана аны жөнгө салуу үчүн кандайдыр бир чаралар кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымат берүү өтүнүчү менен кайрылат. Мамлекет тарабынан жооп берүү үчүн эң акыркы мөөнөт 6 ай деп аныкталган. Андан кийин арызкдануучуга мамлекеттин жообу боюнча түшүндүрмө берүү мүмкүнчүлүгү берилет. Кийин Комитет акыркы пикирин иштеп чыгат жана аларды тиешелүү мамлекетке жана арызкдануучуга билдирет. Комитет тарабынан жүргүзүлүп жаткан териштирүүнүн бардык этаптарында билдирүүнүн автору жана бул адамдардын укуктарын бузду деп айыпталып жаткан мамлекет бирдей шарттарда болушат. Ар бир тарап экинчи тараптын аргументтерине тиешелүү сын пикирлерин билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Эреже катары, билдирүүнү алгылыктуу же алгылыктуу эмес деп таануу жөнүндө маселени чечүүгө бир жылдай убакыт кетет. Ишти маңызы боюнча кийин кароо үчүн Комитетке керектүү ар кандай маалыматтарды берүү жаатында катышуучу мамлекеттердин жана арызкдануучулардын кызматташууга даярдыгына жараша бир жылдан эки жылга чейин убакыт талап кылынышы мүмкүн.

Комитет акыркы корутундуну иштеп чыкканга чейин, алардын укуктары бузулгандыгын билдирген адамдар коргоого муктаж болушу мүмкүн.

Бул максаттар үчүн Комитет даттануулардын маңызы боюнча чечимдерди кабыл албастан, айрым учурларда тиешелүү мамлекеттерге өтүнүч менен кайрылат. Мисалы, кээ бир учурларда Комитет чыгарып салбоого үндөйт, өлүм жазасын аткарууну кийинкиге жылдырууну суранган же тезинен медициналык кароодон өткөрүү зарылдыгын көрсөткөн.

Комитет сот органы болуп саналбайт жана анын чечимдери “токтом” эмес, “пикирлер” деп аталат. Аны менен бирге, Комитеттин пикири соттук токтомдордун тилинде жазылат, алар боюнча бир нече учурларда адам укуктары бузулган жабырлануучулар камактан чыгарылган жана компенсация төлөнгөн.

БУУнун алкагында кабыл алынган адам укуктары боюнча эл аралык-укуктук документтердин бардыгы (конвенциялар, декларациялар, резолюциялар, принциптер, эрежелер), мамлекеттер тарабынан кыйноолорду жоюуга багытталган төмөнкү чараларды кабыл алууну караштырышат.

**Эл аралык укук жаатында:**

1) *Кыйноолорго каршы Конвенцияны ратификациялоо;*
2) *Кыйноолорго каршы комитеттин бир катышуучу мамлекеттин экинчи бир катышуучу мамлекет Конвенцияга ылайык өзүнүн милдеттенмелерин аткарбай жаткандыгы жөнүндө билдирүүлөрүнө байланыштуу билдирүүлөрдү кабыл алуу жана кароо боюнча компетенттүүлүгүн таануу жөнүндө арыз;*
3) *комитеттин юрисдикциясында болгон адамдардан Конвенциянын жоболорун катышуучу мамлекет тарабынан бузуулардын курмандыгыбыз деп билдирген же алардын атынан келип түшкөн ушул сыяктуу билдирүүлөрдү алууга же кароого Кыйноолорго каршы комитеттин компетенциясын таануу жөнүндө арыз;*
4) *Адам укуктары боюнча комитетке жана Кыйноолорго каршы комитетке Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакты жана Кыйноолорго каршы конвенцияга*

*ылайык өз милдеттенмелерин аткаруу боюнча чаралар жөнүндө мезгил-мезгили менен доклад берүү жана бул комитеттердин сунуштарын ак ниет аткаруу;*

5) *кыйноолор боюнча атайын баяндамачы менен кызматташуу, суралган маалыматтарды берүү, белгилүү бир маселе боюнча шашылыш кайрылууларга жооп берүү.*

**Улуттук мыйзамдар чөйрөсүндө:**

1) *бардык кыйноо актыларын жазык мыйзамы боюнча кылмыш катары кароону камсыз кылуу (ошол эле нерсе кыйноого аракет кылууга жана кыйноого шериктештикти же катышууну түзгөн ар кандай адамдын аракеттерине карата колдонулат), ошондой эле мындай кылмыштар үчүн алардын оор мүнөзүн эске алуу менен тиешелүү жазаны белгилөө;*
2) *кыйноолор сыяктуу адам укуктарынын одоно бузулушуна күнөөлүүлөрдүн жазасыз калышына жол берген мыйзамдарды жокко чыгаруу жана мындай бузуулар үчүн жазалоо;*
3) *кыйноолордун жабырлануучулары үчүн ордун толтурууну, адилеттүү жана адекваттуу компенсацияга, анын ичинде мүмкүн болгон толук калыбына келтирүү каражаттарына укукту укуктук санкция менен бекемделген өзүнүн укуктук системасында камсыз кылуу.*

***Практикалык чөйрөдө:***

1) *анын юрисдикциясындагы кайсы бир аймакта кыйноолор колдонулган деп эсептөөгө жетиштүү негиз бар болгон учурда ыкчам жана калыс иликтөөнү камсыз кылуу.*
2) *ушул мамлекеттин юристикциясында болгон кайсы бир аймакта кыйноолорго дуушар болгондугун билдирген ар бир адамга ушул мамлекеттин компетенттүү бийлигине даттануу берүү укугун жана ал бийлик органдары тарабынан мындай даттанууну тез жана адилеттүү кароосун камсыз кылуу, ошондой эле анын даттануусу же күбөнүн көрсөтмөсү менен байланышкан начар мамиленин же коркутуунун ар кандай формаларынан доогерди жана күбөнү коргоону камсыз кылуу үчүн чараларды кабыл алуу;*
3) *кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жаза катары квалификациялануучу иш-аракеттерди аткаруудан баш тарткан укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жазанын жоктугу;*
4) *кыйноолор менен алынгандыгы далилденген ар кандай арыздар соттук териштирүүнүн жүрүшүндө далил катары колдонбоону камсыздоо, эгерде ал кыйноолорду жасаган деп айыпталып жаткан адамга каршы билдирүү берилгендигин далилдөө үчүн колдонулган учурлардан тышкары;*
5) *башка мамлекетке кайсыл бир адамды чыгарып салбоо жана бербөө, эгерде ал мамлекетте ага карата кыйноолор колдонулушу мүмкүн деген негиздер бар болсо;*
6) *улуттук мезгилдүү докладдар боюнча Кыйноолорго каршы комитеттин корутунду байкоолорунда камтылган сунуштарды ишке ашыруу боюнча чараларды көрүү;*
7) *суракты н эрежелерин, көрсөтмөлөрүн, ыкмаларын, ошондой эле ар кандай түрдөгү камакка алуунун, камакта кармоонун же камакка алуунун шарттарын, анын юрисдикциясына кирген кайсы бир аймакта кыйноолорду болтурбоо максатында, камакта кармоо жана кармоо шарттарын системалуу түрдө карап чыгуу;*
8) *кыйноолорго тыюу салуу боюнча билим берүүчү материалдардын жана маалыматтар кармоо,камаккакармоо же түрмөгө кармоонун бардык формасына дуушар болгон адамдарды камакка кармоо же суракка алууга мамилеси бар, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, жарандык же аскер кызматкерлеринин, медициналык кызматкерлердин, мамлекеттик кызматкерлердин жана башка адамдардын программаларына толук киргизилишин камсыз кылуу.*

## 1.3 КЫЙНООЛОГО КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ ЖААТЫНДА УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыны, (мындан ары - ЖСУЭАП), Кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-барксты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенцияны (мындан ары Кыйноолорго каршы конвенция), Балдардын укуктары жөнүндө конвенцияны, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияны кошкондо, кыйноолорду жана катаал мамилелерди колдонууга тыюу салган Адам укуктары боюнча БУУнун негизги келишимдеринин катышуучу мамлекети болуп саналат. Кыргызстан ЖСУЭАПга карата Өлүм жазасын алып салууга багытталган Факультативдик протоколго 2010-жылы кошулган. Ушул келишимдердин бардыгы Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана түздөн-түз күчүнө кирет.

2015-жылдын январында Унирверсалдуу мезгилдүү баяндоонун алкагында көптөгөн өлкөлөр биздин өлкөдөгү кыйноолор жана катаал мамиленин башка түрлөрн колдонуу жөнүндө билидрүүлөргө байланыштуу тынчсызданусун билдиришти. БУУнун Адам укуктары боюнча Катышуучу мамлекеттер Кеңеши кыйноолорду алдын-алууну жана кыйноолорго байланыштуу айыптоолорду тез арада жана натыйжалуу иликтөөнү жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартууну, ошондой эле ички иштер органдарында жана түзөтүү мекемелеринде кыйноолорго жана катаал мамилелерге каршы натыйжалуу күрөшүү үчүн бардык чараларды көрүүнү сунуштоо менен, Кыргыз Республикасында кыйноолордун негизги көйгөйлүү багыттарын аныктады.

Ошондой эле камакта жаткан балдарга кепилдиктерди камсыз кылуу, анын ичинде чоңдорду жана балдарды камакка алууну бөлүп, бир адамдык камерада колдонууну токтотуу боюнча сунуштар берилди.

**ЖСУЭАПнын биринчи Факультативдик протоколуна Кыргыз Республикасы кошулган учурдан баштап, Адам укуктары боюнча БУУнун Комитети тарабынан 2020-жылга чейин мамлекет тарабынан адам укуктары бузулуп жаткандыгын көрсөткөн Кыргыз Республикасына карата 32 жеке билдирүүлөр каралып жана Пикирлер чыгарылган:**

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын **4** жеке даттануусу боюнча БУУнун Комитети тарабынан алардын алгылыктуу эместиги жөнүндө чечим кабыл алынган (К.Б. (2163/2012), Н.Т. (1522/2006); С.Б. (1877/2009); С.У. (1299/2004);

**– 3** пикир (чечим) боюнча даярдоо, талдоо жана жалпылоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө (Осмонов Ш. №2710/2015, Амбарян А. №2162/2012, Горбаева Р. №133/2018);

– **20** пикир боюнча бар болгон маалыматар боюнча аларды аткаруу боюнча кабыл алынган жана кабыл алынып жаткан чаралар жөнүндө маалымат жиберилди.

АУККнын Секретариатында бар болгон маалыматтар боюнча 2019-жылдын 1-январынан баштап КР улуттук соттору тарабынан:

– 4 жазык иш жаңы жагдайлары боюнча кайра каралды К (Базаров Ж.С., Абдиев М.О., Аширов Ф.Р., Аскаров А.);

– Кыргыз Республикасынын **4** жаранына Адам укуатыр боюнча БУУнун комитетинин пикирлеринин (чечими) негизинде бюджеттин эсебинен 800 миң сом сумасында моралдык зыяндын орду толтурулду (Джумабаева Т., Эрназаров М., Акматов С., Акунов У.).

Кыргызстанда кыйноолорду колдонуу тажрыйбасы бул терс көрүнүштү бардык көрүнүштөрүндө жок кылууга саясий эркти көрсөткөн мамлекеттин жогорку жетекчиликти кошкондо, жогорку саясий жана мамлекеттик деңгээлде таанылган,

Акыркы мезгилде Кыргызстан кыйноолор практикасын мыйзамдуу, институционалдык жана практикалык деңгээлде жок кылуу жана алдын алуу багытында олуттуу кадамдарды жасады.

Биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын Конституциясында адам укуктарын коргоо жана илгерилетүү механизмдери, тең салмактуулук тутумун камсыз кылуу, татыктуу жашоо жана адамдын эркин өнүгүүсү үчүн шарттар түзүлдү. Өзүнчө беренеде эч ким кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тартылышы мүмкүн эмес деген жобо камтылды.

**КР Конституциясынын 24-беренесине ылайык**:

– «ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу»;

– «соттун чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер менен тартиптен тышкары эч ким камакка алынышы, кайтарууда кармалышы же эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес»;

– «кармалган ар бир адамга, токтоосуз түрдө, кармоонун жүйөлөрү менен анын укуктары түшүндүрүлүп, медициналык жактан кароо жана врачтын жардамынан пайдалануу укугу менен кошо, анын укугу камсыз кылынышы керек»;

– «эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк берилет».

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы №227 “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамынын конституциялык жоболорунда каралгандарды аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын жарандарына алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого каражат жок болгон учурда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн шарттарын жана тартибин белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы “соттун чечимисиз эч кимди 48 сааттан ашык камакка алууга болбойт” деп кепилдик берет. Ар бир кармалган адам кармалган учурунан тартып 48 саат өткөнгө чейин тез арада жана кандай учурда болбосун кармалышынын мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко жеткирилиши керек. Кармалган ар кандай адам мыйзамда белгиленген тартипте жана мезгилдүүлүгүнө жараша кармап туруунун мыйзамдуулугун текшерүүгө укуктуу. Эгерде адамды кармоого негиздер жок болуп чыкса, ал адам дароо бошотулушу керек (24-бер.4-б.).

“Камакка алуу же кайтарууда кармалышына байланыштуу эркиндигинен ажыратылган ар бир адамга анын ишин сотто териштирүү укугуна ээ, эгерде камакка алуу мыйзамсыз болсо бул сот анын камакка алынышынын мыйзамдуулугу жөнүндө токтоосуз чечим чыгарып, аны бошотууга буйрук бере алат”[11], ал камакка алынган же кармалган адамдын ишин кароо же аны бошотуу максатында тез арада сот ишин жүргүзүүнү талап кылуу укугун болжолдойт. Бирок соттун чечими камакка алуунун мыйзамдуулугуна гана байланыштуу, ал эми соттук териштирүүнү кеңейтүү каралып жаткан иштин жагдайлары менен шартталууга тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 22-бер. ылайык** «эч ким кыйноолорго, башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам өзүнө гумандуу мамиле жасалышына жана адамдык кадыр-баркынын сакталышына укуктуу». Ошондой эле Негизги мыйзамда “эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес” деп каралган (26-бер. 3-б.).

[11] КР Конституциясы, 9-бер.4-б.

Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет болуп саналат[12], анда мамлекеттик бийлик мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принцибинде негизделген[13]. Бийликти бөлүштүрүү принциби мыйзам чыгаруу ишин мыйзам чыгаруу органы, аткаруучу жана административдик ишти аткаруу бийлик органдары, сот бийлигин соттор жүзөгө ашырат дегенди билдирет.

Сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана сот өндүрүшүнүн[14] башка формалары аркылуу жүзөгө ашырылат жана судьялардын атынан сотторго[15] гана таандык. Мында Конституция ар кимге Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктерди берет[16].

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-бер. ылайык,** Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей. Соттордун алдындагы теңчилик укугу, мындай териштирүүдө тараптарга болгон мамиле кандайдыр бир басмырлоодон эркин болушу үчүн жалпы мааниде бирдей жеткиликтүүлүккө жана атаандашуу мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигине кепилдик берет[17].

Кыргыз Республикасы соттордун көзкарандысыздыгын конституциялык жол менен гана камсыз кылбастан, ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы бир катар эл аралык укуктук документтерге кошулуу, кол коюу жана ратификациялоо жолу менен, көз карандысыз жана калыс сот тарабынан иштердин каралышын камсыз кылуу милдеттенмесин алган. Судьялардын көз карандысыздыгы жана кол тийбестиги, алардын Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүүсү, сот адилеттигин жүзөгө ашырууга кийлигишүүгө тыюу салуу жөнүндө конституциялык жоболор сот бийлигин мамлекеттик бийликтин көзкарандысыз жана калыс бутагы катары бекемдейт[18].

Судьялардын көзкарандысыздык принцибинин маңызы, судья Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийип, чечимди эркин кабыл алууга реалдуу мүмкүнчүлүккө ээ боло турган шарттарды камсыз кылууга умтулуудан жана эч кандай чектөөлөрсүз, тышкы таасирсиз, түз же кыйыр кысымсыз, коркутууларсыз, кийлигишүүсүз иштөөдөн турат.

Ушуга байланыштуу, сот бийлигинин алып жүрүүчүсү катары сот бийлигинин жана судьялардын көз карандысыздыгы бул соттун артыкчылыгы эмес, сот чечимдерин чыгарууда тышкы кысымга каршы кепилдик жана судьяларга адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча милдеттенмелерин аткарууга мүмкүнчүлүк берүү зарылдыгы менен негизделген.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 99-бер. ылайык** “иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүргүзүлөт. Ишти жабык жыйналышта жүргүзүүгө мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет. Соттун чечими ачык жарыяланат” деп белгиленген.

Ачык-айкындык эреже өкүмдөрдү жарыялоого да тиешелүү, ошентип, “жазык иштер боюнча ар бир соттук токтом, мисалы, жашы жете электердин кызыкчылыгы башканы талап кылган учурлардан же иш балдарды багууга байланыштуу болгон учурлардан тышкары, кылмыш иши боюнча соттун чечими ачык болууга тийиш”[19].

---

[12] КР Конституциясы, 1-бер.
[13] Ошол эле жерде,3-бер.
[14] Ошол эле жерде, 93-бер.2-б.
[15] «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзам, 11-бер.
[16] КР Конституциясы,40-бер.
[17] Жалпы тартиптеги сын пикирлер №32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу.
[18] КР Конституциясы, 94-бер.
[19] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт,14-бер.1-п.

“Ар бир адам  адилеттүү соттук териштирүүгө укуктуу”[20]. Сот жыйналышынын акыйкаттыгын баалоонун эң маанилүү критерийи - бул жактоочу менен айыптоочу тараптын тең укуктуулугук принцибин сактоо болуп саналат,ал соттук процесстин жүрүшүндө тараптардын тең укуктуулугун сунуштайт. Сотто ишти жүргүзүү адилетсиз болуп саналат, эгерде  айыпталуучу жазык процесстин алкагында кайсыл бир тараптын  кастык билдирүүлөрүнө же тараптардын бири тарабынан соттук териштирүүнүн жүрүшүндө колдоого туш болсо, жана аны  сот тийиштүү түрдө жөнгө салбаса. Ушул принципти бузууга ошондой эле  айыпталуучуга жана / же анын жактоочусуна жактоого даярдануу үчүн жетиштүү убакыт берилбегендиги, ошондой эле айыпталуучунун жана / же анын жактоочусунун айыптоочу тараптын катышуусунда сот процессине кирүүсүнө жол бербөө аракеттери  дагы кирет.

Ар бир айыпталуучу айыптоо корутундусун угуп, талашып, өзүн өзү коргоп же өзү тандаган коргоочу аркылуу корголуп, бул укук жөнүндө кабардар болуп турушу үчүн, анын катышуусунда соттук териштирүү укугуна ээ[21]. Ушул укук ошондой эле бийлик органдарына айыпталуучуну жана анын адвокатын процесстин датасы жана орду жөнүндө алдын ала маалымдоо, аны процесстен негизсиз четтетпөө милдетин жүктөйт.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-бер. ылайык “**1. Ар бир адам мыйзамда каралган тартипте күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт. Бул принциптин бузулушу материалдык жана моралдык зыяндын орду сот аркылуу толтуруп берилүү үчүн негиз болуп эсептелет. 2. Эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет. 4. Жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер күнөөнү негиздөө жана сот актысын чыгаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес. 5. Эч ким жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын тууганадарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтүүгө милдеттүү эмес. Көрсөтмө берүү милдетинен бошотуунун башка учурлары мыйзам менен белгилениши мүмкүн”.

Күнөөсүздүк презумпциясы,  жазык иш боюнча  соттук процесстин жүрүшүндө күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт, ал эми  күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет.  Мындан тышкары, күнөөсүздүк презумпциясы, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө гана эмес, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө  шектелүүчү жана айыпталуучуга карата  дагы сакталууга тийиш.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 22-бер. ылайык**: “эч ким кыйноолорго, башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам өзүнө гумандуу мамиле жасалышына жана адамдык кадыр-баркынын сакталышына укуктуу”. Ошондой эле Негизги мыйзамда “эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эместиги” каралган (26-бер.3-б.).

**Кыргыз Республикасынын Конституциясы “**эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк бериле” тургандыгын кепилдендирет (24-бер. 5-б.). “Ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт” (40-бер.3-б.).

[20] Ошол эле жерде, 14-бер.1-п. Жалпы тартиптеги сын-пикирлер № 32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу.

[21] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 14-бер. 3-п.

Мындан тышкары, жазык сотко чейинки өндүрүшү менен байланышкан маселелерди жөнгө салган, колдонуудагы **Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде** кыйноолордон төмөнкү кепилдиктер каралган [22]:

**11-берене. Инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоо принциби**

1) *Тергөө, сот жана башка процесстик иш-аракеттерди жүргүзүүдө коркутууга, зомбулук жана башка мыйзамсыз аракеттерди жасоого жол берилбейт.*
2) *Бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу тандалып алынган адамды, ошондой эле кылмыш жана (же) жорук жасоодо шектүү болуп кармалган адамды камакта кармоо анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбей турган шартта жүзөгө ашырылууга тийиш.*
3) *Ишке катышкан адамдардын эч кимиси зомбулукка, кыйноолорго жана башка ырайымсыз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамилеге жана жазага тартылышы мүмкүн эмес.*

**12-берене. Инсандын кол тийгистик принциби**

1) *Ушул Кодексте каралгандан башка негизде жана тартипте эч ким камакка алынышы мүмкүн эмес. Соттун чечимине чейин адам 48 сааттан ашык мөөнөткө, ал эми жашы жетелек адам - 24 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес.*
2) *Кыйноолорду жана катаал мамилени колдонуу жолу менен алынган кандай болбосун далилдер, сот тарабынан кабыл алынбашы керек.*

**13-берене. Жазык сот өндүрүшүндө адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо принциби**

1) *Сот, прокурор, тергөөчү жана алгачкы текшерүү органы жазык процессине катышкан жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылууга, аларды ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө, процесстин катышуучуларынын мыйзамдуу талаптарын канааттандырууга өз убагында чараларды көрүүгө милдеттүү.*
2) *Жабырлануучуга, күбөгө же ишке катышкан башка адамдарга, ошондой эле алардын жакын туугандарына, жубайына зомбулук колдонуу, мүлкүн жок кылуу же залалга учуратуу коркунучу келтирилгендиги же башка коркунучтуу, мыйзамга каршы аракеттерге дуушар кылынгандыгы тууралуу жетиштүү маалыматтар болгондо, сот, прокурор, тергөөчү, алгачкы текшерүү органы өз кызмат укуктарынын чегинде андай адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын, кадыр-баркын жана мүлкүн коргоого мыйзамда каралган чараларды көрүүгө милдеттүү.*

**45-берене. Шектүүнүн укуктары жана милдеттери**

Шектүүнүн төмөнкүлөргө укугу бар:

1) *кармаганда - бир жолу телефон менен натыйжалуу акысыз жана көзөмөлдөнгөн сүйлөшүүгө;*
2) *кылмыш жана (же) жорук жасаганына шектүүлүгү жөнүндө билдирилген учурдан тартып жактоочу алууга, ал эми кармалганда - иш жүзүндө кармалган учурдан тартып тандап алган жактоочусу жок болгондо, мамлекет тарабынан кепилденген жактоочу алууга;*
3) *жактоочу алууга, анын ичинде бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө прокурордун өтүнүчүн тергөө судьясы караганда;*
4) *мыйзамда каралган учурларда, мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга;*

[22] 2017-жылдын 2-февралындагы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси. 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзам менен күчүнө киргизилген. Күчүнө 2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген.

5) *өзүнүн жактоочусу менен саны, узактыгы чектелбеген, тыңшап угуу мүмкүнчүлүгү жок шарттарда жекеме-жеке жолугушууга;*
6) *анын өтүнүчү же анын жактоочусунун же болбосо мыйзамдуу өкүлүнүн өтүнүчү боюнча жүргүзүлүүчү тергөө амалдарына катышууга;*
7) *Шектүүнү ар бир жолу убактылуу бөлөк кармоочу жайга же камакта кармоочу жайга жеткирүүдө, ошондой эле анын өзүнөн, анын жактоочусунан, жакын туугандарынан, жубайынан ага карата алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан зомбулук, кыйноо же катаал мамиле колдонулганы жөнүндө даттануу түшкөндө, тиешелүү документти түзүү менен ал милдеттүү медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүлүүгө тийиш. Медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү милдети убактылуу камакта кармоочу жайдын же камакта кармоочу жайдын администрациясына жүктөлөт.*

**47-берене. Айыпталуучунун, акталгандын, соттолгондун укуктары жана милдеттери**

Айыпталуучунун төмөнкүлөргө укугу бар:

1) *өзүн-өзү же өзү тандаган адвокаттын жардамы алдында коргоого;*
2) *мыйзамдарда каралган учурларда, мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга;*
3) *санын жана узактыгын чектөөсүз, тоскоолдуксуз өзүнүн жактоочусу менен жекеме-жеке сүйлөшүүгө;*
4) *Айыпталуучу камакта кармоочу жайга ар бир жолу жеткирилген сайын, ошондой эле анын өзүнөн, анын жактоочусунан, жакын туугандарынан ага карата зомбулук, кыйноо же катаал мамиле жасагандыгы туурасында даттануу түшкөн учурда, ал тийиштүү документти түзүү менен милдеттүү түрдө медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүлүүгө тийиш. Медициналык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү милдети камакта кармоочу жайдын администрациясына жүктөлөт.*

   *Акталгандын же соттолгондун төмөнкүлөргө укугу бар:*

1) *жактоочуга ээ болууга, мыйзамдарга ылайык мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамга.*

**50-берене. Жактоочу**

Жактоочу шектүүнү иш жүзүндө кармаган же шектүүгө кылмыш жана (же) жорук жасаганына шектелгени жөнүндө билдирген учурдан тартып, ал эми күбөнү - биринчи суракка алган учурдан тартып ишке катышат. Адвокат ким экенин ырастаган документин жана ордерин көрсөткөндөн кийин ал жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө катышууга укуктуу.

**79-берене. Жабырлануучунун, күбөнүн, шектүүнүн, айыпталуучунун жана жазык процессине катышуучу башка адамдардын коопсуздук чараларын кабыл алуу милдети**

Эгерде иш боюнча өндүрүшкө байланыштуу зомбулук же жазык мыйзамында тыюу салынган жорукту жасоо коркунучу жөнүндө маалыматтар бар болсо, өндүрүшүндө иш турган орган жабырлануучунун, күбөнүн, шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолуучунун жана жазык процессине кагышуучу башка адамдардын, ошондой эле алардын жакын туугандарынын, жубайынын коопсуздугу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

**80-берене. Жабырлануучунун, күбөнүн, шектүүнүн, айыпкердин жана жазык сот өндүрүшүнө катышкан башка адамдардын коопсуздук чаралары**

Жазык сот өндүрүшүнө катышып жаткан жабырлануучунун, күбөнүн, шектүүнүн, айыпкердин жана жазык процессине катышкан башка адамдардын, алардын жакын

туугандарынын, жубайынын коопсуздук чараларын камсыз кылуу максатындагы иш анын өндүрүшүндө болгон орган:

2) *зомбулук коркунучун же жазык мыйзамында тыюу салынган башка терс жоруктарды жасаган жакка анын жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн экендиги жөнүндө расмий эскертүү жасайт;*
3) *корголуучу адам жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн чектейт;*
4) *анын жеке коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө тапшырма коёт;*
5) *шектүүгө, айыпкерге карата жазык процессинин катышуучуларына зомбулук же башка кылмыштуу терс жосундарды жасоо мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу бөгөт коюу чараларын көрөт;*
6) *жакындоого тыюу салуу түрүндөгү жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуу чарасын көрөт.*
7) *Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аларга карата кыйноолор же катаал жана адамгерчиликсиз мамиле жасоонун башка чаралары колдонулган шектүүнүн, айыпкердин, күбөнүн жана алардын жакын тууганларынын, жубайынын коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгы жөнүндө арыздар келип түшкөн учурларда, коопсуздук чаралары көрүлгөндүгүнө карабастан, прокурор тарабынан сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлөт.*

**81-берене. Соттук териштирүүгө катышуучу адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу**

Корголуучу адамдын, айыптоо тарабынын өтүнмөсү боюнча, ошондой эле жеке демилге боюнча адамдын жана анын жакын туугандарынын, жубайынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында сот күбөнү суракка алуу жөнүндө токтом чыгарууга укуктуу:

1) *псевдонимди колдонуу менен корголуучу адамдын инсандыгы жөнүндө маалыматтарды билдирбестен;*

**82-берене. Далилдер**

Ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен алынган маалыматтар жол берилгис далилдер болуп саналат, юридикалык күчкө ээ эмес жана иш боюнча чечимге негиз болбойт, ошондой эле ушул Кодекстин 83-беренесинде көрсөтүлгөн ар кандай жагдайларды далилдөө үчүн пайдаланылбайт..

*Жол берилгис далилдерге* төмөнкүлөр кирет: [23]

1) *коргоочудан баш тарткан (анын катышуусу менен жазуу жүзүндө) учурларды кошпогондо, жазыктык жазалануучу терс жорукту жасагандыгы жөнүндө шектүүнүн көрсөтмөлөрү коргоочу жок сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндөгү маалыматтар, бирок мында анын көрсөтмөлөрү сотто ырасталууга тийиш;*
2) ***сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө кыйноолорду, зомбулукту, коркутууну, алдоону, ошого тете башка мыйзамсыз аракеттерди жана катаал мамилени колдонуу менен алынган күбөнүн, шектүүнүн көрсөтмөлөрү, ошондой эле ага карата кыйноолорду колдонуунун натыйжасында алынган көрсөтмөлөр[24].***

**124-берене. Жакындоого тыюу салуу**

Судья, тергөөчү, тергөө органынын ыйгарым укуктуу адамы шектүүгө, айыпкерге корголуучу адамдарды издөөгө, артынан түшүүгө, барууга, алар менен оозеки, телефондон сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана башка ыкмалар менен сүйлөшүүгө, аларга 10 метрден аз аралыкка жакындоого тыюу салууга укуктуу.

[23] КР Жазык-процесстик кодекси, 82-бер.3,4-б.
[24] Ошол эле жерде, 82-бер. 4-б. 1, 2-п.

**190-берене. Суракка алуу жайы жана убактысы**

1) *Сурак сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлгөн жер боюнча жүргүзүлөт. Тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы муну зарыл деп тааныса суракты суракка алынып жаткан адам турган жерде жүргүзүүгө укуктуу.*
2) *Суракка алуу 4 сааттан ашык үзгүлтүксүз жүрүшү мүмкүн эмес. Суракка алууну улантууга эс алуу жана тамак ичүү үчүн кеминде бир саатка тыныгуудан кийин жол берилет, мында күн ичинде суракка алуунун жалпы узактыгы 8 сааттан ашпоого тийиш.*
3) *Медициналык көрсөтмөлөр болгон учурда суракка алуунун узактыгы врачтын корутундусунун негизинде белгиленет.*

2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси менен *күбөнүн жана жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлөө* - сотко чейинки өндүрүштө тергөө судьясы тарабынан объективдүү себептерден улам аларды соттук териштирүүнүн жүрүшүндө суракка алуу мүмкүн болбойт же күбөнүн же жабырлануучунун коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы бар деген негиздер болгондо, соттук далилдерди алдын ала камсыз кылуу (сактоо) максатында, тараптардын биринин өтүнүчү боюнча күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу киргизилген[25].

[25] Ошол эле жерде, 5-бер. 7-п.

## 1.4 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМГЕРЧИЛИКСИЗ ЖЕ КАДЫР-БАРКЫН БАСМЫРЛАГАН МАМИЛЕЛЕРДИН ТҮРЛӨРҮНӨ ЖАНА ЖАЗАЛООЛОРГО КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН БАШКА МЕХАНИЗМДЕРИ

Алдын ала камакка алуу жайында болгон адамдарды кыйноолордон жана башка катаал же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен коргоонун кепилдиктеринин бир түрү "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы[26], ошондой эле жазык сотко чейинки өндүрүшүнүн күбөлөрүн, жабырлануучуларын жана башка катышуучуларын коргоо чараларын караган "Жазык сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана башка катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы[27] болуп саналат.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөл Акыйкатчы (Омбудсмен)[28] тарабынан ишке ашырылат, анын функциялары, ыйгарым укуктары жана компетенциялары "Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы тууралуу" КР Мыйзамы менен жөнгө салынат[29].

Факультативдик протокол боюнча милдеттенмелерге ылайык, 2012-жылдын июнь айында *Улуттук алдын алуу механизми* - Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору түзүлгөн.

"Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору" КР Мыйзамы[30] менен мекеменин жана башка органдардын жетекчилигин алдын ала кабарлоосуз эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларына кайсыл күнү болбосун жана сутканын кайсы убагында болбосун кирүүгө КАУБнун укугу белгиленген.

КАУБнун ыйгарым укуктарына кыйноолор боюнча жеке даттанууларды кароо жана тергөө кирбейт. Бул Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын, сот органдарынын жана Акыйкатчынын (Акыйкатчысынын) ыйгарым укуктары болуп саналат. Бирок КАУБ компетенттүү органдарга мониторинг жүргүзүү учурунда аныкталган учурлар боюнча маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

Улуттук борбор Кыйноолорго каршы кичи комитет менен кыйноолорду жана катаал мамилелерди алдын алуу боюнча ыкмалары жана стратегиялары менен байланышкан маселелер боюнча, анын ичинде зарыл учурларда купуя шарттарда түздөн-түз байланыштарды жүргүзөт.

Убактылуу кармоочу жайга шектүүнү же айыпталуучуну алып келген ар бир учурда, ошондой эле ага карата алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын кызматкерлери тарабынан денесине зыян келтирүү жөнүндө андан, анын адвокатынан, туугандарынан

---

[26] Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-октябрындагы №150 Мыйзамы. Электрондук ресурс. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1107?cl=ru-ru

[27] "Жазык сот өндүрүшүнө катышкан күбөлөрдүн, жабырлануучулардын жана башка катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 16-августундагы №170 Мыйзамы. Электрондук ресурс. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1961?cl=ru-ru

[28] КР Конституциясы,108-бер.

[29] «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 Мыйзамы. Электрондук ресурс. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1093

[30] "Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору" КР 2012-жылдын 12-июлундагы № 104 Мыйзамы. Электрондук ресурс. Төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203704

даттануу келип түшкөндө тийиштүү документти түзүү менен ал милдеттүү медициналык күбөлөндүрүүгө тийиш.

2013-жылдын августунда камакка кармалгандарды **медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүүнүн Стандарттык бланкасы** бекитилген, ал **Стамбул протоколунун** принциптерине негизделген жана Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун алдын алуу боюнча Укук коргоочулар Коалициясынын мүчөлөрү тарабынан иштелип чыккан.

1999-жылдын 9-августунда Стамбул шаарында кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча колдонмо – “**Стамбул протоколу”** иштелип чыккан, анын максаты- адамдарды кыйноолордон коргоо иштерде эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири-натыйжалуу документтештирүү көйгөйүн чечүүгө жардам берүүчү практикалык каражатты мамлекеттерге берүү. “Стамбул протоколу” 2001-жылы Адам укуктары боюнча БУУнун Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы тарабынан жактырылган. Адам укуктары боюнча Комиссия өзүнүн 2000/43 резолюциясы менен жана БУУнун Башкы Ассемблеясы өзүнүн 55/89 резолюциясы менен өкмөттөрдү ушул Колдонмого негиздеп, аны кыйноолорго каршы күрөшүүнүн пайдалуу куралы катары колдонууга үндөдү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кыйноолордун жана катаал мамиленин жабырлануучуларын медициналык кароодон өткөрүүнү Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилени же жазаны натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча колдонмого, т.а. “Стамбул протоколуна” ылайык келтирүүнү сунуш кылды.

2014-жылдын 9-декабрында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан практикага Стамбул протоколун киргизүү максатында “Кыргыз Республикасында зомбулуктун, кыйноолордун жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын натыйжалуу медициналык документтештирүү боюнча практикалык колдонмону бекитүү жөнүндө” буйрук (№649) чыгарылган, анда төмөнкүлөр бекитилген:

1) *экспертиза жүргүзүүгө маалыматтык макулдук берүү бланкы (практикалык колдонмого №1 тиркеме);*
2) *зомбулук/кыйноолор жана катаал мамиле боюнча кайрылууда (келип түшүүдө) медициналык кароонун формасы (практикалык колдонмого №2 тиркеме);*
   *кыйноолорду жана катаал мамилелерди документтештирүүдө соттук-медициналык экспертизанын кортунудусунун формасы (практикалык колдонмого №4 тиркеме); (приложение № 4 к практическому руководству);*
3) *кыйноолордун, катаал мамилелердин жана зомбулуктун жабырлануучуларына соттук-психикалык жана комплекстүү психологиялык-психиатрдык экспертизанын корутундусунун формасы (практикалык колдонмого №6 тиркеме).*

2015-жылдын 30-мартында Республикалык Соттук-медициналык экспертизалар борбору тарабынан Стамбул протоколуна ылайык кыйноолор жана катаал мамилелер учурларын документтештирүүдө СМЭнын корутундусунун формасы бекитилди (практикалык колдонмого №4 тиркеме).

Зордук-зомбулуктун натыйжасында алынган денеге жаракат же ден-соолугуна башка зыян келтирген адамдар кайрылган (кабыл алуунун) бардык башка фактылары жөнүндө саламаттыкты сактоо уюмдары каттоо жүргүзүшөт жана дароо алар жайгашкан аймактын ички иштер органдарына маалымат беришет.

Эгерде адам аныкталган денеге келтирилген зыяндын жана ден-соолукка башка зыян келтирүүнүн зомбулук мүнөзүн билдирбеген же билдире албаган учурларда, саламаттык сактоо уюмунун медициналык кызматкери дене жаракатынын этиологиясын жана патогенезин жана шарттарын билүүнүн негизинде, ички туюмун жетекчиликке алып, ден-

соолукка зыян зордук-зомбулуктун же кыйноолордун жана катаал мамиленин натыйжасында келтирилген деп эсептөөгө жетиштүү негиздер бар экендигин жана бул факт боюнча тиешелүүлүгүнө жараша прокуратурага же ички иштер органдарына билдирүүгө милдеттүү экендигин чечет.

Зордук-зомбулук / кыйноолор жана катаал мамиле жөнүндө саламаттык сактоо уюмуна кайрылган (кирген) адамдын абалынын мүнөзү жөнүндө маалыматтын тактыгы жана толуктугу үчүн пациентти кабыл алууну жана / же медициналык кароону жүргүзгөн медициналык кызматкер жооп берет, ал эми саламаттыкты сактоо уюмунун кызмат адамы прокуратурага жана ички иштер органдарына өз учурунда маалымдоо үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

2016-жылдын май айынан баштап Республикалык Психикалык Саламаттык Борборунун Соттук-психиатриялык бөлүмүндө атайын кабинет иштейт, анын функциясына соттук-психология-психиатриялык экспертиза жүргүзүү кирет.

Улуттук стандартка ылайык, медициналык кароодон өткөрүү, соттук-медициналык жана соттук психология-психиатриялык экспертизалар купуя шартта, анын ичинде аларды өткөрүү учурунда үчүнчү жактарсыз жүргүзүлөт. Аталган эрежеден тышкары учурда, пациент медициналык персоналдын коопсуздугуна олуттуу коркунуч келтиргендиги жөнүндө далилдүү далилдер болгондо гана болушу мүмкүн. Мындай учурда медициналык кызматкер экспертиза жүргүзүү учурунда укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин катышуусун талап кылууга укуктуу, бирок алар көрүү радиусунда, бирок укпай турган аралыкта болушу керек[31].

Кыргыз Республикасында кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазалоо (ЫАКМ) учурларын аныктоо тийиштүү мамлекеттик органдарга жеке даттанууларды берүү аркылуу, ошондой эле өзүнүн компетенциясынын алкагында иштеп жаткан КАУБ аркылуу дагы жүргүзүлөт.

2019-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген Жазык-процесстик кодекске (мындан ары ЖПК) ылайык алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн аракетине кармалгандардын же камакта жаткандардын даттанууларын камакта кармоочу жайдын администрациясы прокурорго же сотко, ал эми прокурордун аракетине жана чечимине даттанууларды -жогору турган прокурорго 12 сааттан кеч эмес берүүгө милдеттүү[32]. Кыйноолор жана ЫАКМ кармоо же камакка кармоо жеринен башка жерлерде болгон болсо, даттануу жабырлануучу өзү же анын өкүлү, мисалы, адвокаты тарабынан берилет.

Кыргыз Республикасынын ЖПКда кароонун так мөөнөттөрү бар, ага ылайык прокурор, тергөө бөлүмүнүн жетекчиси даттанууну алган күндөн тартып 3 суткадан кечиктирбестен аны карап чыгат. Даттанууну текшерүү үчүн кошумча материалдарды талап кылуу же башка чараларды көрүү талап кылынган өзгөчө учурларда даттанууну 10 суткага чейинки мөөнөттө карап чыгууга жол берилет, ал жөнүндө арыз ээсине билдирилет[33].

Даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча прокурор, тергөө бөлүмүнүн жетекчиси даттанылып жаткан чечимди жокко чыгаруу же өзгөртүү менен даттанууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө же даттанууну канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат, ал жөнүндө арыз ээсине 12 сааттан ичинде билдирилиши керек[34].

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын ЖПКда жазык ишин козгоо баскычы алынып салынган, ал кыйноолор жөнүндө арыздарды каттоо жана тергөө менен байланышкан абалга

[31] Карагыла: Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2015-жылдын 7-декабрындагы №680 «Кыргыз Республикасында кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу медициналык документтештирүү боюнча Практикалык колдонмону бекитүү тууралуу» буйругу.
[32] КР Жазык-процесстик кодекси, 130-бер. 2-п.
[33] Ошол эле жерде, 131-бер.1-п.
[34] Ошол эле жерде, 131-бер.2-п.

таасир этүүчү КРда жазык-процесстик укук реформасында маанилүү  жетишкендик катары бааланат, себеби сотко чейинки тергөөнүн жаңы тартиби тандалма болуп саналбайт жана катталган бардык арыздар боюнча тергөө иш аракеттерин жүргүзүүнү талап кылат.

Жаңы ЖПКга ылайык,  укук коргоо органдарынын кызмат адамдары  кылмыштар же жоруктар жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү. Арызды каттоодон баш тартууга жол берилбейт. Маалыматтарды эсепке алуу журналына (мындан ары - МЭЖ) келип түшкөн жана катталган  маалыматтар текшерүүгө жатат. Эгерде маалыматта жасалган кылмыш же жорук жөнүндө күбөлөндүргөн негиздер бар экени аныкталса, анда маалыматтар дароо (24 сааттан кечиктирбестен) “Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине”  автоматташтырылган маалымат тутумуна (мындан ары КЖБР) катталат[35]. Эгерде маалымат тастыкталбаса, анда төмөнкү чечимдердин бири кабыл алынышы мүмкүн:

1) *түшкөн арызды, билдирүүнү же башка маалыматты башка органдарга жиберүү жөнүндө, эгерде мындай арыздарды жана билдирүүлөрдү кароо ошол органдардын ведомстволук (же аймактык) караштуулугуна таандык болсо жана аларда кылмыштын же жоруктун белгилери камтылбаса, мисалы, электр кубатынын, суу менен камсыздоо үзгүлтүккө учурашы, алар  кабыл алынган чечим менен электрондук МЭЖге кайра катталат;*
2) *башка негиздер болсо, күнөөлүү адамга Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жаза чарасын колдонуу жөнүндө маселелерди кароо компетенциясына кирген ыйгарым укуктуу органга (кызмат адамына) жиберилет;*
3) *аймактык же ведомстволук караштуулугу боюнча жиберүү жөнүндө, эгерде маалыматты кароо жазык куугунтуктоонун башка органынын компетенциясына кирсе. Укук коргоо органына түшкөн жана маалыматты эсепке алуу журналында белгиленген, жеке тартипте (жекече айыптоо) жазык куугунтуктоосу жүргүзүлүүгө тийиш болгон арыз, билдирүү КЖБРде катталууга жана болгон материалдарды тиркөө менен соттук караштуулугу боюнча тиешелүү сотко жиберилүүгө тийиш*[36].

Мында, кыйноолор ар кандай денеге зыян келтирүү  жана психологиялык азаптарды алып келиши мүмкүн болгон жашоодогу өзгөчө окуя болуп саналат. Көпчүлүк дарыгерлердин жана изилдөөчүлөрдүн айтымында, кыйноо фактыларынын экстремалдык мүнөзү ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал кыйноого чейинки адамдын психологиялык абалына карабастан, психикалык жана эмоционалдык кесепеттерге алып келет. Ошого карабастан, кыйноолордун психологиялык кесепеттери болуп өткөн окуяларды жеке кабыл алуу, инсандык өнүгүү деңгээли, ошондой эле социалдык, саясий жана маданий факторлордун контекстинде пайда болот. Ушул себептен бардык кыйноолор бирдей кесепеттерге алып келет деп божомолдоого болбойт. Ошого карабастан, психологиялык реакциянын симптомдору жана көрүнүштөрүнүн топтору бар, алар кыйноолордон жабыр тарткан адамдарга карата бир аз мыйзам ченемдүүлүктөрү менен белгиленген жана документтештирилген.

Кыйноолорду  колдонгон адамдар көп учурда өз иш аракеттерин - маалымат алуу зарылчылыгы менен  актоого аракет кылышат. Мындай концептуализация кыйноолордун максатын жана анын болжолдуу кесепеттерин түшүнүүнү кыйындатат. Кыйноолордун негизги максаттарынын бири - адамды өтө алсыздыкка жана психикалык азап чегүүгө жеткирүү, бул когнитивдик, эмоционалдык жана жүрүм-турумдук функциялардын начарлашына алып келиши мүмкүн. Ошентип, кыйноо - бул адамдын психологиялык, социалдык иш-аракетинин негизги түрлөрүнө жана анын ден-соолугуна кол салуунун негизги ыкмаларынын бири.

---

[35] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №602 токтомуна Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу жобонун 7-16-пункттары.
[36] Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу жобосу, 7-18-п.

# 2. КЫЙНООЛОРДУН ЖАЗЫК-УКУКТУК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## 2.1 КЫЙНООЛОРДУН ОБЪЕКТИСИ

Колдонуудагы Жазык кодексинде кыйноолордун курамы олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон жок жана дээрлик ошондой эле редакцияда баяндалган. Бирок 1997-жылдын 1-октябрындагы редакциядагы, кыйноолордун курамы кызматтык кылмаштар жөнүндө главада турган Жазык кодекстен айырмаланып, колдонуудагы кодексте ал ден соолукка каршы кылмыштар жөнүндө главада каралган. Бир главадан экинчи главага кыйноолордун курамынын "көчүүсү" учурдагы кылмыш кодексинде кол салуу объектиси боюнча бөлүнгөндүгүнө байланыштуу. Мыйзам чыгаруучунун мындай позициясы кыйла негиздүү болуп саналат.

**Кыргыз Республикасынын 143-беренеси.**

| |
|---|
| *1. Кимдир бирөөгө, андан же башка адамдан маалыматтарды алуу же мойнуна алдыруу максатында адамды дене-бойлук жана психикалык жапа чегүүнү келтирүү; ал же башка адам жасаган же жасады деп шектелген жосун үчүн аны жазалоо; ал эми ошого тете белгилүү бир жосундарды жасоо үчүн аны же башка адамды коркутуу же мажбурлоо, же ар кандай мүнөздөгү басмырлоого негизделген себеп боюнча кызмат адамы тарабынан, же болбосо анын шыкактоосу боюнча, анын жетегинде же унчукпаган макулдугу менен жасалган жосун -* |
| *III категориядагы айып салуу менен үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.* |
| *2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:* |
| *1) күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга же билип туруп жашы жетелекке карата;* |
| *2) күнөөлүү билип туруп алсыз абалдагы майыпка же башка адамга карата;* |
| *3) адамдардын тобу же сүйлөшүүлөр боюнча адамдардын тобу тарабынан;* |
| *4) өзгөчө мыкаачылык менен;* |
| *5) этиятсыздыктан ден соолукка оор зыян келтирүү, -* |
| *IV категориядагы айып салуу менен үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен IV категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.* |

Кылмыштардын объектисинин туура аныктоо алардын социалдык маңызын, коомдук коркунучтун мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн ачат, бул кылмыштын квалификациясы үчүн да, жазаны дайындоодо да биринчи кезектеги мааниге ээ.

Кылмыш объектисине түшүнүк берүүдө, биз, кылмыштын объектисин кылмыш жасаган адам тарабынан бузулган, жазык мыйзамы менен корголгон социалдык маанилүү баалуулуктар, кызыкчылыктар жана артыкчылыктар жана кылмыштуу жосун жасоонун жыйынтыгында зыянга учурайт же зыян келтириши мүмкүн деп аныктаган изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгүнүн пикирине таянабыз.

Совет мезгилинен бери жазык мыйзамдарында калыптанып калган салтка ылайык, Жазык кодексинин Атайын бөлүгүнүн бир бөлүмүндөгү ар кандай кылмыштардын курамдарын бириктирген өзгөчөлүгү - бул кылмыштын тектүү объектисинин жалпылыгы болуп саналат. Демек, кыйноолордун тектүү объектиси деп адамдын нормалдуу иштешин камсыз кылган коомдук мамилелер таанылат.

Бир түрдүү объектке бир главанын ичинде жайгашкан коомдук мамилелер жана кызыкчылыктар, кол салуулар үчүн жоопкерчилик жөнүндө ченемдер кирет. Жазык укуктун

доктринасынын салттуу жоболоруна таянып, талданган кылмыш курамынын объектиси көрсөтүлгөн ыкманын алкагында камтылат.

Жогоруда белгиленгендей, мыйзам чыгаруучу кыйноолордун курамын кызматтык кылмыштар бөлүмүнөн ден-соолукка каршы кылмыштар бөлүмүнө которду. ушуга байланыштуу КР ЖКнын 22-главасында каралган, бир түрдүү (же топтук) кылмыш объектиси ден-соолук сыяктуу адамдын ажырагыс артыкчылыгы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин аталган бөлүмүндө каралган кылмыштын курамы негизинен келтирилген зыяндын оордугуна жараша түзүлөт. Жана макалалардын диспозицияларында денеге келтирилген зыяндын түрлөрү көрсөтүлбөсө дагы, келтирилген зыяндын оордугу алардын түрүнө байланыштуу экендиги анык.

Кыйноонун түздөн-түз объектисине токтолсок, аны бир түрдүү объектинин бир бөлүгү, б.а. кыйноонун натыйжасында зыянга учураган белгилүү бир адамдын ден-соолугу катары түшүнүү керек. Колдонуудагы Жазык кодекси ушул бөлүктө өзүнүн артыкчылыктуу багыттарын белгилеп, кылмыш курамын биринчи кезекте кол салуу объектиси боюнча “ажыратып” койду. Демек, биздин оюбузча, кыйноолордун курамын кызматтык кылмыштар жөнүндө бөлүмдөн (ал кылмыш субъектинин таандыктыгына ылайык жайгашкан жерде) ден соолукка каршы кылмыштар бөлүмүнө өткөрүп берген мыйзам чыгаруучунун мындай позициясы артыкчылыктуу, себеби кыйноолордун курамы биринчи кезекте адамдын ден-соолугуна багытталган.

## 2.2 КЫЙНООЛОРДУН ОБЪЕКТИВДҮҮ ТАРАБЫ

***Кыйноолордун объективдүү жагы*** *иш-аракеттерде чагылдырылат жана төмөнкүдөй милдеттүү белгилерди камтыйт:*

1) *адамга физикалык же психикалык азап келтирүү;*
2) *жабырлануучуну же башка адамды коркутуу же мажбурлоо.*

Кыргыз Республикасынын Жащык кодексинин 143-бер. диспозициясында кыйноолордун курамы аралаш түрүндө иштелип чыккан. Диспозициянын биринчи бөлүгүндө ал материалдык, ал эми экинчисинде формалдуу деп аныкталган.

Берененин диспозициясынын биринчи бөлүгүндө кыйноолор курамы адамга денесине залал же психикалык жактан кыйноо келтирилген учурдан тартып аяктаган деп эсептелет.

Диспозициянын экинчи бөлүгүндө, ал кылмыш субъектиси жалган же чыныгы көрсөтмөлөрдү (маалыматтарды) алууну көздөгөнүнө карабастан, ошондой эле керектүү жыйынтык алындыбы же жокпу, кызмат адамы тарабынан коркутуу же мажбурлоо колдонулган учурдан тартып, аяктаган деп эсептелет. Бул учурда, күнөөлүү адамдын иш-аракетинде кылмыштын курамынын болушу үчүн, жогорудагы аракеттерди жасоо жетиштүү. Мында жабырлануучу үчүн ден-соолугуна кандайдыр бир зыян келтирүү түрүндөгү кесепеттердин башталышы зарыл эмес, себеби кылмыштын кесепеттери кыйноолордун курамынын чегинен тышкары жатат.

*Кыйноолорго байланыштуу, кайсыл бир адамга денесине залал же психикалык азап келтирүү деп салыштырмалуу узак убакытка созулган процессти түшүнүү керек, анын жүрүшүндө кимдир бирөөгө, андан же башка адамдан маалыматтарды алуу же мойнуна алдыруу максатында адамды дене-бойлук жана психикалык жапа чегүүнү келтирүү, ал же башка адам жасаган же жасады деп шектелген жосун үчүн аны жазалоо, ошондой эле аны же башка адамды коркутуу же мажбурлоо, кызмат адамы тарабынан, же болбосо анын шыкактоосу боюнча, адамга атайылап катуу оору же азап, дене бойлук же психикалык зыян келтирилет.*

Мындан тышкары, жабырлануучуну денесин кыймылдатуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу, мисалы, белгилүү бир абалда (позада) турууга же жатууга мажбур, башына кийгизилген желим баштыктын, абанын келишин жабуу менен противогаздын айынан көп убакыт аралыгында дем алууну кыйындатуу; тамак-аштан жана суусундуктардан ажыратылгандыктан, суусап, ачка болуу сезими күчтүү, дары-дармектерди ичүүгө же даараткананга барууга тыюу салынгандыктан башка физиологиялык кыйынчылыктар.

Бул чечмелөө, камакта кармалгандарга Мамиле жасоонун минималдуу стандарттык эрежелерине дал келген деңгээлде ушуга таандык же ушунун кесепетинин абалынан улам мыйзамдуу түрдө эркиндигинен ажыратуунун натыйжасында пайда болгон ооруну же азапты камтыбайт.

***Азап чегүү** – бул жабырлануучу дуушар болгон кыска мөөнөттүү эмес, узак мөөнөттүү жана азаптуу кыйналуу, анда ал кыйналат, кыйноого чыдайт, кайгырат, жан дүйнөсү ооруйт, ж.б. Ал эми психикалык азап, биринчи кезекте, физикалык азап эмес, жабырлануучунун өзүнө, анын үй-бүлө мүчөлөрүнө, жакындарына, ар кандай коркутуулардан, адамдын кадыр-баркын кемсинтүүдөн улам тарткан азап-кайгы деп түшүнүлөт. Кыйноолор - бул катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын оордотулган жана атайылап жасалган түрү[37].*

Кыйноолордун объективдүү тарабын аныктоодо белгилүү бир кыйынчылыктар айыпталуучунун жабырлануучуну коркутуп-үркүтүүдө чагылдырылган иш-аракеттеринен улам келип чыгат. Бизге коркутуу деп айыпталуучунун жабырлануучуда кандайдыр бир жагымсыз сезимдерди пайда кылган иш-аракеттери деп түшүнүү керек. Коркутуу көбүнчө куркутуп-үркүтүү, террор же опузалоо аныктамасынын бөлүгү болуп саналат. Ал адамдын тынч турмушун бузат, аны ачуусун келтирүү максатында моралдык зыян келтирет. Коркутуу, эреже катары оозеки формада жана көп учурларда күбөлөрсүз болот, ушуга байланыштуу, аны далилдөө оор болот.

***Мажбурлоо** деп адамга (шектүүгө, айыпталуучуга, жабырлануучуга, күбөгө, экспертке), анын эркине тоскоол болгон жана тергөөчүгө же тергөө жүргүзүп жаткан адамга же башка кызмат адамга зарыл болгон, анын эркине каршы далилдерди (маалыматтарды) берүүгө мажбур кылган таасирди билдирет.*

“Мажбурлоо” түшүнүгү адамга таасир этүүнүн бардык мыйзамсыз ыкмаларын камтыйт, алар көрсөтмө (маалымат) берүүнүн ыктыярдуулук принцибин бузат, ошондуктан иш боюнча чындыктын орнотууга тоскоолдук кылат[38]. Ушундай жол менен алынган көрсөтмө жол берилгис далил болуп саналат, ал КР ЖПКнын 82-бер. 3-б. ылайык юридикалык күчкө ээ эмес деп таанууга алып келет.

Адабияттарда “кыйноо” категориясы көрсөтмө берүүгө мажбурлоонун курамына карата колдонулат, аны башкача дагы карашат, тактап атйканда:

а) “мындай кырдаалда акталбаган, түздөн-түз катуу ооруну, катуу психикалык же физикалык азапты тарттырууга багытталган, адамга карата жасалган адамгерчиликсиз мамиле, ал адамдын каршылыгын сындырат же анын эркине каршы иш-аракет кылууга мажбурлайт” [39] ;

б) “адамдын денесине залал жана адеп-ахлактык азап келтирүү жогорулатылган ургаалдуулугу жана узактыгы менен айырмаланат. Денесине келтирилген зомбулуктан

---

[37] «КонсультантПлюс» СПС (кайрылуу датасы – 28.08.2016).

[38] Кудрявцев В.Л. Көрсөтмө берүүгө мажбурлоонун квалификацияланган курамынын объективдүү тарабы. (РФ ЖКнын 302-бер. 2-б.) : теория жана практика маселелери // Адвокат. – 2016. – №10. – Б. 53-59.

[39] Калашникова А.А. Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо: жазык-укуктук акспект: автореф. дис. ... юрид. илимдердин канд. – М., 2004. – Б. 21.

тышкары, ал жабырлануучуну тамак аштан, уйкудан же эс алуудан ажыратуу, керектүү дары-дармектерсиз калтырууда чагылдырылышы мүмкүн”[40];

в) “таасир этүүнүн жана каттуу оорутуу, денесине жана адеп-ахлактык азап келтирүү ыкмаларынын өзгөчө катаалдыгы”[41].

Адамга денесине кандайдыр бир зыян келтирген учурда, күнөөлүүү адамдын иш-аракеттери денеге келтирилген чыныгы зыянга негизделген кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланат.

## 2.3 КЫЙНООЛОРДУН СУБЪЕКТИСИ

**Кылмыштардын субъектиси.** Кыйноолор жалпы да, жана ошондой эле атайын субъект да болушу мүмкүн деп болжолдойбуз. Башка учурларда жасалса коомдук кооптуулук даражасына ээ болот. КР ЖКда кызмат адамы субъект катары көрсөтүлгөн.

Кызмат адамы түшүнүгү КР ЖК карата 1-тиркеменин 13-бөлүгүндө берилген, ага ылайык бийликтин өкүлүнүн функциясын туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук менен ишке ашыруучу же мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүндө жана башка аскердик түзүлүштөрдө уюштуруу-бөлүштүрүүчү, административдик-чарбалык, контролдук-ревизиялык функцияларды аткаруучу кызмат адамы деп таанылат.

Уюштуруу-бөлүштүрүүчү функциялардын кызматы боюнча баш ийген адамдарды башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен коштолот.

Административдик-чарбалык функциялар мүлктү жана акча каражатын башкаруу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен коштолот.

Контролдук-ревизиялык функциялар жеке же юридикалык жактарды текшерүүлөрдү, ревизияларды жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен коштолот.

Өзүнүн кызмат абалынан пайдалануу менен кызмат адамдары тарабынан жасалган кылмыштардын квалификациясынын атайын эрежелери ушул Кодекстин 24-беренесинде белгиленген.

Тиркеменин 15-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген, мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар жоопкерчиликтүү абалды ээлеген кызмат адамы деп түшүнүлөт.

Мындан тышкары, кыйноолор курамынын субъектине аталган Тиркеменин 16-17-бөлүмдөрүндө адамдарды формалдуу түрдө таандык десек болот.

| |
|---|
| *Кызмат адамдарынан тышкары, анын азгыруусу менен же унчукпай макул болуусу менен кылмыш жасаган **башка адамдар кыйноо субъектилери болушу** мүмкүн.* |

КР ЖК 43-бер.4-бөлүгүнө ылайык жасалган кылмыштарга башка катышуучу катары кирген адам азгыруучу болуп калат.

Тергөө-сот практикасында белгилүү бир кыйынчылыктар кызмат адамынын *айтуусу же анын унчукпай макул болуусу* менен жасалды деген түшүнүктү билдирет.

Даля менен Ожегованын сөздүгү боюнча, *жооптуу болуу* демек «башчылык кылуу же башкаруу». Ошондуктан кыйноо курамына карата колдонулуучу “жооптуу болуу” түшүнүгүн

---

[40] Кондратов П.Е. РФ ЖКнын 302-бер. комментарий // РФ Жазык кодексинин 302-бер. комментарий (ар бир берене боюнча) / Жооп. ред. В.М. Лебедев. 13-басылыш, кайра иштеп чыгуу жана кошумча. – М.: Юрайт, 2013.
[41] Калашникова А.А. Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо (РФ ЖКнын 302-бер.) // Сот адилеттигине каршы кылмыштар / А.В. Галахованын ред. алдында. – М.: Норма, 2005.

башка адам жасаган кылмышты кызмат адамы билет, сунуштайт, отчет берет, түшүнөт деген түшүнүктү болжолдойбуз. Ачык билдирбеген кызмат адамынын болуп жаткан окуяга каршылык кылбаган эркин билдирүү формасы унчукпай макул болуу түшүнүгүн билдирет. Башка сөз менен айтканда, кызмат адамынын активдүү формада билдирилген аракетсиздиги, ээлеген кызмат абалынын күчүндө терс кесепеттерди алдын алуу үчүн кызмат адамы аракет кылууга милдеттүү, б.а. коомдук кооптуу окуядан укуктук талаага кайтуу үчүн чара көрүү. Унчукпай макул болуунун жардамы менен кызмат адамы өзүнүн позициясын билдирет жана өзүнүн катышуусу менен же психикалык жамаат менен ал кылмыш аракеттерин жасоого башка жактын чечкиндүүлүгүн бекемдейт. Мындай адамдын аракетин кызмат адамы "жактыргандыгын", ага каршы аракет менен "жашыл свет" ачып берет жана кийин анын мыйзамсыздыгынын кандайдыр бир даражасы катары кызмат кылат.

## 2.4 КЫЙНООЛОРДУН СУБЪЕКТИВДҮҮ ТАРАБЫ

**Кыйноолордун субъективдүү тарабы** тикелей ниет менен гана мүнөздөлөт.

Кыйноолордун мотивдери ар кандай болушу мүмкүн. Жазык-укук илиминде "мотив" түшүнүгүнүн мазмунуна карата көптөгөн көз караштар бар. Бирок, бардык илимпоздор адамдын кылмыш жасоого[42] чечкиндүүлүгүн ойготуучу ички сезим болот деген пикирди карманыша тургандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Ушуга байланыштуу, кылмыштын максаты мотивациялык инсанды түзүүчү элемент болуп саналат, ал толугу менен кылмыштын мотиви менен байланыштуу.

Атайын адабиятта белгиленгендей, мотивдердин арасында кыйноолорду колдонуу шылдыңдоо, күч көрсөтүү, опузалоо, ошондой эле айыптуу[43] экендигин билдирүүгө мажбурлоо болушу мүмкүн. Айыпталуучу өзүнүн кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу менен кайсы бир адамга жеке же психикалык азап тарттыргандыгын сезет. Кыйноолордун максаттарын аныктоо кылмыш ишинин мотивдерин ачууга өбөлгө болот деп эсептейбиз.

Мыйзам чыгаруучу кылмыштын субьективдүү тараптарынын милдеттүү белгиси катары анын максаттарын белгилеген. Бул ошол же башка адамдан маалымат же моюнга алуу; ал же башка адам тарабынан жасалууга шектелген иш үчүн аны жазалоо. Ошентип, ал бул ыкма менен андан маалымат же моюнга алуусун каалайт жана аны жазалайт. Мындан тышкары, күнөөлүү башка адамды коркутуу же кыйноо жолу менен белгилүү бир иштерди жасоого мажбурлап же түртүп жаткандыгын сезет.

Белгилүү болгондой, адамдын кылган, анын ичинде кылмыштуу ишинин бардыгы мындай ишке ар кандай таасир тийгизүүчү адамдын психикасында болуп жаткан сезгич (эмоциялык) процесстер менен коштолот. Кыйноолорду жасоодо кылмыш субьектиси өзүнүн ишинен ар кандай эмоцияларды баштан кечириши мүмкүн. Зордук-зомбулук менен кылмыш жасаган адамдардын негизги психикалык өзгөчөлүгүнүн ичинде социалдык идентификацияларды, эмоциялык алсыздандыруу, импульсивдик агрессияны[44] бузгандыгы ачыкталат. Кыйноолорду жасаган адамдар стереотипизациялык асоциалдык жүрүм-турум көндүмдөрү, өтө эле десоциализацияланганддыгы менен айырмаланат, аддиктивдик көз карандылык менен көп азап чегишет.

---

[42] Музюкин А.П. Кылмыштардын мотивдери жана анын жазык-укуктук мааниси: дис. ... юрид. илимдеринин канд.. Рязань, 2010. – 180 с.

[43] Гилинский Я. Заманбап Россиядагы кыйноолор жөнүндө социология // Неволя. – 2006. – №10. – С.22.

[44] Маришин С.В. тергөө амалдары жүрүп жаткан адамдын эмоциялык абалынын өзгөчөлүктөрү тууралуу маселеге карата // Пенитенциардык илим. – 2019. – Т.13 (№4). – С. 570.

Эмоция менен кыйноо квалификациясында кылмыш ишин жазык-укуктук баалоого таасирин тийгизбейт. Ошону менен катар, эмоциялык абалды аныктоо мотивациялык, максаттуу мүнөздөрдү жана кылмыш субьектинин ички маанисин баалоого мүмкүндүк берет.

| *КР ЖК 143-бер. 2-бөлүгүндө каралган* ***кылмыштардын квалифицирленген түрлөрү*** *болуп төмөнкү жасалган кылмыштар эсептелет:* |
|---|
| *1) күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга же билип туруп жашы жетелекке карата;*<br>*2) күнөөлүү билип туруп алсыз абалдагы майыпка же башка адамга карата;*<br>*3) адамдардын тобу же сүйлөшүүлөр боюнча адамдардын тобу тарабынан;*<br>*4) өзгөчө мыкаачылык менен;*<br>*5) этиятсыздыктан ден соолукка оор зыян келтирүү* |

КР ЖК 143-бер. 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча күнөөлүүнүн иш аракетин квалификациялоо үчүн милдеттүү шарт болуп жабырлануучунун кош бойлуулугу жөнүндө күнөөлүүнүн атайылап (кош бойлуулуктун тышкы белгилеринин болушу же жабырлануучунун кош бойлуулугу тууралуу күнөөлүүнүн билгендигин ырастоочу далилдер) маалым болгондугу эсептелет. Мында, бул ченемдик колдонуу үчүн кош бойлуулуктун мөөнөтүнүн жана түйүлдүктүн жашоого жөндөмдүүлүгүнүн[45] мааниси жок.

Кыргыз Республикасында он сегиз жаш куракка жеткен адам бойго жетти деп эсептелет. Жабырлануучунун жашы жете электигин айыпталуучунун билгендиги, анын иш аракетинин мындай квалификациясынын милдеттүү шарты болуп эсептелет жана факты менен алып караганда жашы жеткендиги маанилүү эмес, эң башкысы күнөөлүү ал жаш куракка жете электигин билиш керек эле.

Күнөөлүүнүн иш аракети ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата кыйноолор жасалган учурда КР ЖКнын 143-бер.2-бөл.2-пункту боюнча квалификацияланат, алар "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" 2008-жылдын 3-апрелиндеги №38 КР Мыйзамы күчүндө турганда организминин функцияларынын туруктуу бузулушу менен, жашоосун чектөөгө алып келген жана аны социалдык коргоо жана реабилитациялоо зарылдыгына алып келген травма же дефектин кесепетинен ооругандыгы менен шартталган ден соолугу бузулган адамдар таанылат.

| |
|---|
| ***Майыптуулук – адамдардагы туруктуу жеке, психикалык же акыл эстин бузулушунун болуусун*** *алдын алуучу, мыйзамда белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленүүчү социалдык-юридикалык статус. Ден соолугунун бузулгандыгынын даражасына жараша I, II жана III топтогу майыптуулук белгиленет. 18 жашка чейинки балдар "ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар" категориясына кирет.* |

Жардам жок абалда калган күнөөлүү жактар деп сот практикасы мындай адамдарды өзүнүн кичинекей жаш курагында, жан дүйнөсүнүн бузулгандыгы, эс учун сезбеген же ооруган абалда болуп жатканды түшүнбөгөн же каршылык көрсөтө албаган адамдар деп тааныйт. Күнөөлүү мындай учурларда жабырлануучунун жардамсыз абалда экендигин билүүсү тийиш. Мында, жабырлануучуну мындай абалга кандайдыр бир дары-дармектерди, наркотикалык каражаттарды, өтө таасир берүүчү же уулуу заттарды колдонуунун натыйжасында аны күнөөлүү өзү алып келиши мүмкүн.

КР ЖК 44-беренеси төмөнкүлөрдү белгилейт:

| |
|---|
| ***Топ адамдар – бул*** *алдын ала келишүүсүз биргеликте кылмыш жасаган эки же андан көп адам.* |

[45] Комментарий к УК РФ / Под ред. А.В. Наумова. – М.: Юристь, 1997. – С. 273.

Бул учурларда кылмыштын объективдүү жагын аткарууну баштаган аткаруучуга башкалар катышат, алар кыйноонун объективдүү жагын толук же жарым-жартылай аткарышат.

***Алдын ала келишүү боюнча топ адамдар*** *кылмышты биргелешип жасаган же андан көп адамдар жана мында, б.а. кылмыш жасаганга чейин аны биргелешип жасоо тууралуу макулдашкан.*

Шериктешүүнүн мындай формасы кош аткаруучу да, ошондой эле ролдорду бөлүшүүчү да болушу мүмкүн.

Шериктешүүнүн бардык формасы коомдук кооптуулук даражасын кыйноо менен гана эмес бардык кылмыштарды кыйла жогорулатат.

Өтө мыкаачылык менен жасалган кыйноолордун квалификациялоочу белгисин белгилөөдө (КР ЖК 143-бер. 2-б. 4-пункту), Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун пленумунун «Адам өлтүрүү жана жабырлануучуну өлүмгө алып келүүчү ден соолугуна оор зыян келтиргендиги тууралуу иштер боюнча сот практикасы тууралуу» 2017-жылдын 1-декабрындагы №16 токтомунун жоболоруна тиешелүү, ага ылайык өзгөчө мыкаачылык белгиси кылмыштарды жасоо ыкмасын, ошондой эле өтө мыкаачылык менен жасалгандыгын ырастоочу башка жүйөлөрдү камтыйт. Адам өлтүрүү өтө мыкаачылык менен жасалган деп таанылган учурларда, жабырлануучуга өмүрүнөн ажыроо алдында же өлтүрүү жасоо процессинде жабырлануучуну кыйноо, мазактоо же шылдыңдоо жолу менен өзгөчө азап тарттыруу менен өлтүргөн же өлтүрүү күнөөлүү үчүн жабырлануучуга өзгөчө азап келтирүү менен (денесинде олутуу көп сандаган зыян келтирүү, кыйноочу ууну пайдалануу, тирүүлөй өрттөө, тамактан, жылуулуктан, суудан ж.б. узакка ажыратуу) ыкманы жасаган учурда жасалган деп таануу керек. Өзгөчө мыкаачылык өлтүрүү жабырлануучу адамдын жакындарынын катышуусунда жасалгандыгын күүнөөлүүнүн сезүүсү, өзүнүн иш аракети менен аларга өзгөчө азап келтирет[46].

Өтө мыкаачылык белгисинин баяндалган түшүнүгү, кыйноо курамына карата баалоочу мүнөздү алып жүрө тургандыгын болжолдойбуз. Кыйноо кылмыштарынын курамы өзүнөн-өзү эле адамга жеке же психикалык азап тартууга алып келет, буга байланыштуу бул азап тартуулардын даражасын аныктоо көпчүлүк учурда соттун кароосуна байланыштуу болот. Мында, бизге мындай учурларда сотко ар бир конкреттүү иш боюнча кыйноолордун объективдүү тарабына байланышкан, боло турчу кесепеттерге өзгөчө көңүл буруу менен иштин бардык жүйөлөрүн түшүндүрүү зарыл болот.

Оор залал келтирүү түшүнүгү КР ЖК 1-тиркемесинин 2-бөлүгүндө берилген, мында кийинки кесепеттерди түшүнүү керек:

1) *бир адамдын ден соолугуна оор залал келтирүү, анын ичинде массалык ооруунун (эпидемия), жугуштуу, күн өтүү же уулануу натыйжасында эки же андан көп адамга зыян келгендигине барабар;*
2) *адамдарга адамдын иммунитетинин тартыштыгы вирусу же башка айыкпоочу инфекциялык ооруларды жуктургандыгына;*
3) *узакка созулган (отуз күндөн ашык) адамды мыйзамсыз эркинен ажыратуу;*
4) *техногендик катастрофа, экологиялык көйгөйлөр же өзгөчө экологиялык кырдаал болгон учурда;*
5) *ири же өтө ири зыян келтирүү, анын ичинде эпизоотиянын же жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн массалык өлүүсүнүн натыйжасында зыян келтирүү;*
6) *аскердик милдеттерди аткарууну үзгүлтүккө учуратуу.*

Оор залалга өтө оор залал келтирүү тиешелүү (ушул тиркеменин 3-пунктун кара).

[46] КР Жогорку сотунун пленумунун 2017-жылдын 1-декабрындагы №16 токтому.

III категориядагы эркинен ажыратуу жазасына ылайык жаза 5 жылдан 7 жыл алты айга чейин, III категоридагы айып  140000 ден 180000 сомго чейинки өлчөмдө, IV категориядагы эркинен ажыратуу – 7 жыл алты айдан 10 жылга чейин,  IV категориядагы айып – 180000 ден 220000 сомго чейин.

Ошентип, эркинен ажыратуу менен катар эле күнөөлүү адамга  милдеттүү түрдө жетиштүү өлчөмдөгү ири айып салуу менен белгилүү бир кызматтарды ээлөө укугунан ажыратуу колдонулат.

Колдонуудагы Жазык кодекси кыйноо үчүн жоопкерчилик бөлүгүнө бир катар талаптарды катуулатты:

– КР ЖК 62-беренесине ылайык ЖК 143-бер. каралган кылмыштар (кыйноо) жасалган учурларда мөөнөтү өткөндүгү боюнча жазык жоопкерчилигине тартуу колдонулбайт;

– КР ЖК 89-беренесине ылайык кыйнагандыгы үчүн соттолгон адамга карата жаза өтөөдөн жазык-мөөнөтүнөн мурда бошотуу колдонулбайт;

– КР ЖК 92-беренесинин 6-б. ылайык "кыйноо" кылмышын жасоодо айыптоо өкүмүн аткаруунун эскилиги жеткен мөөнөтү колдонулбайт.

Ошентип, кыйноолорду квалификациялоодо укук колдонуучуга  кылмыштардын субьективдүү тарабын факультативдик таануу комплексин белгилөө зарыл, анткени мотивдердин жана эмоциянын өзү кылмыш ишинин максатын ачууга мүмкүндүк берет. Кыйноо үчүн максат, өз кезегинде кылмыштын курамынын милдеттүү белгиси болуп саналат, анткени  кыйноолорго каршы Конвенцияда көрсөтүлгөндөй алдыга коюлган натыйжага жетүүгө умтулуунун өзү кылмыш ишин түзөт.

# 3. КЫЙНООЛОРДУ КЫЛМЫШТАРДЫН ЧЕКТЕШ КУРАМЫНАН БӨЛҮҮ

Кылмыштарды квалификациялоодо келип чыгуучу салттуу принциптердин бири жазык мыйзамында кылмыштардын – бир катар жалпы белгилери бар чектеш курамы болуп саналат. Биздин пикирибиз боюнча кыйноолор менен чектеш деп уруп-согуп кыйноо (КР ЖК 144-бер.), бийликтен аша чабуу ( КР ЖК 321-бер.) жана жалган маалымат берүүгө мажбурлоо (КР ЖК 373-бер.) сыяктуу кылмыштардын курамы болуп саналат. Бул, “окшош” белгилери бар коомдук кооптуу иштердин тизмеси Жазык мыйзамдарында болуу зарылдыгын жана окшош белгилери жетиштүү болгон бир катар ченемдерди “түзөт”. Буга байланыштуу, бул иштерди, ошондой эле тийиштүү жазык укуктук ченемдерде мыйзам менен көрсөтүлгөн белгилерди чектөөгө мүмкүндүк берүүчү олуттуу айырмачылыктарды табуу укукка каршы зомбулукту квалификациялоодо кыйла тактыкты берүүгө тийиш.

## 3.1 КЫЙНООЛОР ЖАНА УРУП-СОГУП КЫЙНОО (КР ЖК 144-БЕР.)

*Жазык укугунун доктринасы жана укук колдонуучу практика болуп бир катар принциптер иштелип чыккан, ал боюнча жазык-укук ченемдеринин атаандаштыгында чечим кабыл алынат, атап айтканда:*
*– жалпы жана атайын ченемдердин атаандаштыгында атайын ченем колдонулат;*
*– бөлүнгөн же жалпы атаандаштыкта бир кыйла толуктугу менен иш жүзүндө жасалган белгилердин бардыгын камтыган ченем колдонулат;*
*– атайын ченемдердин атаандаштыгында, мыйзамдын башка көрсөткүчү жок болгон учурда, –* ***өтө катаал эмес жоопкерчиликти караган ченем колдонулууга тийиш ж.б.***[47].

Бул эрежелер толук көлөмдө жана кыйноолорду анын курамындагы кылмыштардын курамы менен окшоштурууда пайдаланылууга тийиш. КР ЖК 143-бер. боюнча иштерди туура квалификациялоо жана аны башка окшош кылмыштардан чектөө үчүн социалдык-укуктук шарттардын же иликтөөчү ченемди камтыган иштердин криминалдашкан негиздеринин болуусун кыска кароо максатка ылайык деп эсептейбиз.

*Жалпы планда* ***криминализацияны негиздөө*** *эки топко бөлүүгө болот:*
*1) аны белгилөөдө объективдүү өбөлгө катары кызмат кылуучу жазык-укуктук тыюу салуу негиздери (коомдук кооптуулук, жайылтуу, керектөө, жазык-укуктук ыкма менен жөнгө салуу, иштердин криминалдашкандыгына карата коомдун даярдыгы);*
*2) криминализацияны системалык-укуктук негиздөө (укуктун башка тармактары менен карама-каршылыктардын, жазык-укук ченемдеринин өз ара макулдашуусунун жоктугу.*

Кыйноолор үчүн жазык жоопкерчилигин белгилөөнүн объективдүү өбөлгөлөрү белгилүү, анткени алар толук иликтенген жана эл аралык деңгээлде аргументтелген жана улуттук деңгээлдн колдоого алынган.

КР Жазык кодекси эгер, бул ден соолукка оор же анча оор эмес залал келтирсе, **уруп-согуу же башка зордук-зомбулук аракеттери менен системалык зыян келтирүү жолу менен жеке же психикалык азап тарттыруу** катары кыйноого аныктама берет**.**

Мыйзам чыгаруучу “**уруп-согуу же башка зордук аракеттери менен системалык зыян келтирүү жолу менен жеке же психикалык азап тарттыруу**” дегенден башка кыйноолордун чечмеленген аныктамасын берген эмес, бул илимий же окуу адабиятында, ошондой эле практикада алардын белгисиз трактовкасын алып келет.

---

[47] Кудрявцев В.Н. Кылмыштарды квалификациялоонун жалпы теориясы. – М.: Юристъ, 1999. – С. 220-226.

Алсак, С.В. Расторопов, колдонулган каражаттарга жана аларды колдонуу ыкмасына карата адамдын ден соолугуна зыян келтирүүгө жөндөмдүү иштерди үч топко бөлөт, ал төмөнкүдөй жүрүм-турум актылары менен ишке ашырылат:

1) *жеке таасирлер (механикалык, электрдик, термикалык, температуралык, биологиялык ж.б.) аркылуу ден соолукка зыян келтирүү;*
2) *химиялык жол менен зыян келтирүү;*
3) *психикалык аракеттер аркылуу адамдын ден соолугуна зыян келтирүү.*

Тийиштүү түдө С.В. Расторопов жабырлануучунун организмине жагымсыз таасир тийгизүүнү үч ар кандай формага бөлөт, алар:

1) *адамдын денесине түздөн-түз кол тийгизүү аркылуу;*
2) *организмдин ичине киргизүү аркылуу;*
3) *нерв системасына же бир катар ички органдарга таасир тийгизүү аркылуу*[48].

Юридикалык адабиятта жана практикада иликтөөчү кылмыштын курамын түзүүчү кыйноолор **адамдын денесине механикалык таасир тийгизүү жолу менен, б.а. зордук-зомбулук аркылуу** гана жасалышы мүмкүн экендигине биздин көз караш боюнча ишеним пайда болот. Р.Д. Шарапов тарабынан зордук-зомбулуктун кыйла толук аныктамасы формулировкаланган – бул «жабырлануучуга анын каршылыгына карабастан атайылап укук ченемсиз зыян келтирүүгө кылмыштык кол салуу»[49].

***Уруп-согуп кыйноо деп эреже катары адамдн терисине өтө оор (чымчуу, кесүү, күйгүзүү, электр заряды, сайгылоочу предметтер менен көп сандаган жаракат кылуу) зыян келтирүүчү түздөн-түз байланыштагы күч таасирлерин, ошондой эле седативдик жана стимулдоочу каражаттар менен адамдын нерв системасына тийгизген таасирлерин түшүнүүгө болот.***

Дагы бир аныктама – уруп-согуу же башка зордук зомбулук аракеттери же аракетсиздиги менен системалык зыян келтирүү аркылуу денесине жана (же) психикалык абалына өзгөчө оор зыянды атайылап келтирүү, эгер бул жабырлануучунун ден соолугуна оор же өтө оор эмес зыян келтирсе.

Адамдын ден соолугунун коопсуздугу **кыйноодо кылмыштык кол салуу объектиси болуп** саналат**.** Кыйноолордун **объективдүү тарабы** жабырлануучуга уруп-согуу же башка зордук-зомбулук аракеттери менен систематикалык зыян келтирүү аркылуу жеке жана психикалык азап тарттырууну түзөт. Объективдүү тарабынан бул кылмыш материалдык курамга таандык. Иш аракеттер менен анын кесепетинин ортосундасебептик байланышты белгилөө керек.

Колдонуудагы жазык мыйзамарына ылайык кыйноонун милдеттүү белгиси уруп-согуулардын **систематикалыгы** болуп саналат. Систематикалык иштердин азаптуу мүнөзүн аныктайт, ал уруп-согуулардын көптүгүн, ошондой эле күнөөлүүнүн жабырлануучуга жаракат келтирген иш аракеттеринин туура эместигин билдирет, качан кылмыш иштери бири-бири менен ички байланышта болууга тийиш болгондо күнөөлүүнүн жүрүм-турумунун белгилүү бир линиясын билдирүү болуп саналат. Систематикалык кыйноого өткөн денесине жана психикалык азаптын зарыл болгон аккумуляциясын түзөт. Уруп-согуулардын систематикалыгы мезгил менен жасалган зордук-зомбулук иштеринин көптүгү менен гана эмес алардын өз ара байланышы, күнөөлүүнүн ошол эле жабырлануучуга карата мамилеси боюнча жүрүм-турумунун белгилүү бир линиясын түзүүчү ички биримдиги менен коштолот, мында денесине жаракат гана эмес, психикалык азап тарттыруу, аны басынтуу, аны кемсинтип шылдыңдоо[50] жасалат.

---

[48] Расторопов С.В. Адамдын ден соолугун кылмыштык кол салуудан жазык-укуктук коргоо: дис. … д-ра юрид. илим. – Рязань, 2003. – С. 279.
[49] Шарапов Р.Д. Кылмыштуу зомбулук. – М.: «Юрлитинформ» басмасы, 2009. – С. 182.
[50] Здравомыслов Б.В. Россиянын жазык укугу. – М.: Юристъ, 2011. – С. 134.

***Ден соолугуна бир эсе жана бир учурда жеңил зыян келтирүү кыйноо курамын түзбөйт.*** *Кыйноо болгондугун далилдөө үчүн ден соолугуна жеңил жаракат келтирүү фактысын белгилөө жана күнөөлүү адамды табуу жетишсиз, ден соолугуна келтирилген бул зыян кыйноо мүнөзүнө кирерин далилдөө керек.* ***Ошондой эле, уруп-согуулардын ар биринин ортосундагы убакытты, ден соолугуна келтирилген жеңил зыянды же жабырлануучунун денесине жаракат келтирилген башка зордук-зомбулук иш аракеттеринин жасалгандыгын чечүү зарыл****.*

*Кыйноолордун курамынан чектөө үчүн кыйноолордун* ***систематикалык белгисине*** *таянуу зарыл. Кыйноолор узак болууга тийиш, убактысы боюнча созулууга же жабырлануучунун денесине же психикалык азап тарттыруу максатында систематикалык мүнөздө болууга тийиш.*

**Кыйноонун субъективдүү тарабы**, кыйноого аракет кылуудан айырмаланып, тикелей ниет формасында гана эмес, кыйыр формада болушу мүмкүн, б.а. кылмыштардын субъекти коомдук кооптуулукту жана жасалуучу иш аракеттердин мүнөзүн түшүнөт жана муну каалабаса дагы, бирок ага жол берүү менен же баары бир деген мамиле менен жабырлануучуга кетирилүүчү азаптардын мүмкүнчүлүгүн алдын ала көрөт.

***Кыйноолор бардык учурда тикелей ниет менен гана жасалат жана конкреттүү максатка жетүүгө багытталат****.*

Кылмыштын өзү – кыйноо адамдын ден соолугуна зыян келтирүү иштеринин жана аракеттеринин көп түрдүүлүгүнө байланыштуу квалификациялоо үчүн кыйла татаалдыкты көрсөтөт. КР ЖК 144-беренеде иштер конкреттештирилген эмес, анда жазык-укуктук форманы колдонуу мүмкүн болгондо 2-б. иштердин натыйжасынын төмөнкү чектөөлөрү белгилеген:

***Кыйноо****:*
*1) күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга карата;*
*2) күнөөлүү билип туруп жашы жетелекке, алсыз абалдагы, же болбосо күнөөлүүдөн материалдык же башкадан көз каранды болгон адамга, ошого тете уурдалган, же болбосо барымта катары кармалган адамга карата;*
*3) адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүүлөр боюнча адамдардын тобу тарабынан*

Сот органдары ар бир учур үчүн чечимдерди өз алдынча кабыл алат: бул кылмыш кыйноо болуп саналабы.

КР ЖК 144-беренеде кыйноо ден соолукка оор же орто залал келтирүүгө тийиш эмес экендиги айтылган; анын кесепети ден соолукка **өтө оор эмес** зыян келтирүү же ден соолугуна жана психикалык азап тарттыруу болушу мүмкүн. Кыйноодон айырмаланып, атайылап денесине катуу зыян келтирүү жана (же) психикалык азап тарттыруу адамдын организмине өтө катуу ыкма менен таасир тийгизүү боюнча **өзгөчө** ырайымсыз жолдор менен пайда болот.

***Уруп-согуп кыйноо адамдын кадыр-баркын системалык кемситүү, коркутуу жолу менен психикалык азап тарттыруу катары каралбайт****. Аталган иш аракеттер инсанга каршы кылмыштардын башка курамын түзбөйт.*

Бирок, филологияллык көз караш менен алып караганда «кыйноо» жана «уруп-согуп кыйноо» орус тилинде бир түшүнүктү бере тургандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Юридикалык терминдердин көптүгүндө биздин көз карашыбызча, мыйзам чыгаруучу КР ЖК 143-бер.1-б. пайдаланган, анда «кыйноо» түшүнүгү ийгиликтүү талкууланган эмес. Жалпысынан мыйзам чыгаруучунун терминди мыйзамдын өзүндө талкуулоо ниетин белгилөө

менен ошол эле учурда бул аракетти ийгиликсиз деп эсептейбиз, анткени анда кыйноо түшүнүгүнүн мазмунсуз тарабы ачылган эмес, болгону бул кыйноо колдонулуучу максаттар гана берилген.

Мунун негизинде «уруп-согуп кыйноо» жана «кыйноо» аныктамасы боюнча окшош түшүнүк, азыркы учурда уруп-согуп кыйноонун негизги жана квалификациялык курамын (КР ЖК 143-144-бер.) чектөө дээрлик шарттуу болуп көрүнөт, анткени бирдей ишти караган ченемдер болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, кыйноо институту толук иштеп чыгууга муктаж экендигин белгилейбиз. Азыркы учурда, тилекке каршы бул түшүнүктүн бирдиктүү жазык-укуктук концепциясын түзүү үчүн өбөлгө жок. Барыдан мурда бул кыйноо жана уруп-согуп кыйноо аныктамасындагы баалоочу түшүнүктөрдүн олуттуу санынын болуусуна байланыштуу. Ю.А. Язовский өзүнүн ишинде баалоочу түшүнүкөрдүн аныктамасына көңүл бурган жана «кылмыштардын баалоочу курамы» термининин юридикалык лексиконун киргизүүнү сунуштаган. Автордун ою боюнча кылмыштардын баалоочу курамын мыйзам чыгаруучу белгилүү бир кылмыштын конкреттүү белгилерин аныктабагандыгын (алардын оозэки айтылышы үчүн объективдүү критерийлерди тапкан эмес) болжолдойт жана укук колдонуучуга конкреттүү практика учурунда[51] колдонуунун так эмес белгисин өз алдынча аныктоо мүмкүнчүлүгүн берген. Ошентип «уруп-согуп кыйноо» бул баалоочу курамдын өзү.

Илимий адабиятты талдоо, бул азыркы учурдагы изилдөөчүлөп баалоо түшүнүктөрүн пайдаланууну тааный тургандыгын көрсөтөт, мындан жазык мыйзамында качууга болбойт. Пайдаланылуучу ар түрдүү баалоо түшүнүктөрүнүн санын азайтуу укук колдонуучу иштердин тажрыйбасынын жана юридикалык илимдин жетишкендиктеринин негизинде мыйзам чыгуу техникасын өркүндөтүүнүн натыйжасында гана мүмкүн болот. Кынтыксыз юридикалык конструкцияларды түзүү бардык учурда эле мүмкүн эместигине карабастан, адамдын ден соолугуна зыян келтирүү тууралуу мыйзамдар болушунча конкреттештирилүүгө жана өзүм билемдик менен талкуулоону жоюуга тийиш.

***Жалпысынан кыйноо кыянаттык мамиленин башка формаларынан айырмаланып (мисалы, уруп-согуп кыйноо) так максаттуу белгиге ээ – бирдемеге кыйнап мажбурлоо, анын ичинде маалымат берүүгө, кандайдыр бир иш аракеттерди жасоого же андан баш тартууга ж.б.***

[51] Язовский Ю.А. Россиянын кылмыш мыйзамындагы күнөө коюу көйгөйлөрү: дис. ... юрид. илимдердин канд.. Свердловск, 1997. – Б. 85-86.

## 3.2 КЫЙНООЛОР ЖАНА БИЙЛИКТЕН АША ЧАБУУ (КР ЖКнын 321-БЕР)

Кызмат адамы тарабынан кыйноо жасоодо мындай иштерди квалификациялоодо көйгөйлөрдүн келип чыгуу себептеринин бири КР ЖК 321-бер. болуусу саналат, ал *кызмат адамы тарабынан же анын буйругу боюнча жасоо, анын ыйгарым укугунун чегинен тышкары иш аракеттерди анын билүүсү же макулдугу менен жасоо жана жашоо же ден соолук үчүн коопту болбогон зордук-зомбулук колдонуу же мындай зордук-зомбулукту колдонуу менен опузалоо менен биригип жасоо*[52] сыяктуу бийликтен аша чабууну талкуулайт. Төмөнкүлөр сыяктуу кыйноолор менен бирдей болгон бир катар белгилер:

*1) кызмат адамынын кылмыш иш аракеттеринин анын кызматтык абалы менен шартталгандыгы, бул иш аракеттердин анын бийлиги же ыйгарым укугу менен байланышы;*
*2) жабырлануучуга карата анын денесине же психикалык зомбулукту мыйзамсыз колдонуу менен байланышкан иштердин мүнөзү;*
*3) коомдук коопту иштерге байланыштуу күнөөнүн атайылап жасалган формасы.*

Мыйзамсыз зомбулукту квалификациялоодо кыйноолорду чектөөгө жана бийликтен аша чабууга мүмкүндүк берүүчү олуттуу кандай маанини камтыйт?

Бийликтен аша чабуу кызмат адамы тарабынан, эгер алар айрым жарандардын мыйзам менен корголгон укуктарына жана кызыкчылыктарына, же мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктарга, же юридикалык жактардын кызыкчылыктарына олуттуу зыян келтирилсе **ага берилген укуктардан жана ыйгарым укуктардын чегинен** чыккан иш аракеттерди атайылап жасоо болуп саналат. Ошентип,

*КР ЖК 321-бер.* ***объективдүү тарабы кызмат адамы тарабынан зордук-зомбулук, жашоосуна жана ден соолугуна коопту болбогон, мындай зомбулукту колдонуу менен коркутуу сыяктуу мындай мыйзамсыз иш-аракеттерди*** *жасагандыгы менен коштолот.*

Жогоруда аталган ченемдердин жалпы ченемдерге карата катышында, биздин пикир боюнча КР ЖК 321-бер.2-б. таанылууга тийиш (бул зордук-зомбулук, анын ичинде курал же атайын каражаттарды же байкоосуздуктан адамдын ден соолугуна оор залал келтирүүчү мындай аракеттерди колдонуу менен аша чапкан учурлар тиешелүү). ЖК 321-бер. (эгер кыйноолор кызмат адамы тарабынан жасалса) жана ЖК 341-бер. ченемдери ЖК 321-бер. карата атайын болуп саналат. Бул эгер, кыйноолор адам тарабынан анын кызматтык абалын пайдалануу менен жасалса – бул кызмат адамынын ага берилген укуктардан жана ыйгарым укуктардан аша чапкандыгын ачык көрсөтүү менен түшүндүрүлөт, ал адамдын, мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыгына олуттуу зыян келтирет, бул биринчи кезекте кызматтык ишин нормалдуу камсыздоого жана уюштурууга, мындай иштердин натыйжалуулугуна жана кадыр-баркына кол салат.

Аталган кылмыштардын ортосундагы айырмалардын тизмеси бул коопту иштерди мыйзам менен жөнгө салуу деңгээлинде жүгүзүлүшү мүмкүн.

1) **кылмыштардын субъектиси боюнча** – КР ЖКда кыйноо ***анын тукуруусу, анын билүүсү же унчукпай макул болуусу менен жасалган учурларда атайын субъект же жалпы субъекти*** карайт; КР ЖК 321-бер. – ага берилген бийликти же кызмат абалынан аша чапкан кызмат адамы;

2) **субъективдүү белгилер боюнча** – максаттары: КР ЖК 143-бер. (кыйноолор) **атайын максаттардын альтернативасын карайт**:

---
[52] КР Жазык кодекси, 321-бер.

*а) адамды анын эркине каршы иштерди жасоого, анын ичинде андан же башка адамдан маалыматтарды жана моюнга алууга мажбурлоо;*
*б) ал же башка адам тарабынан жасалган, же ал же башка адам тарабынан жасоого шектелген иш аракеттер үчүн адамды жазалоо;*
*в) коркутуу;*
*г) дискриминациялоо.*

***КР ЖК 321-беренеде (бийликтен аша чабуу) атайын максат кылмыштын белгиси катары чыкпайт***

3) **кылмыштардын объектиси боюнча** – азыркы учурда КР ЖК негизги бөлүгүнүн системасында бул берененин жайгашкандыгына негизденип, кыйноолордун негизги түздөн-түз объектиси бул адамдын ден соолугу болуп саналат. Бийликтен аша чабуунун негизги түздөн-түз объектиси кызмат адамы тарабынан өзүнүн милдеттерин мыйзамдарга жана ченемдик актыларга ылайык аткарууну камсыздоочу коомдук мамилелер болуп саналат.

## 3.3 КЫЙНООЛОР ЖАНА ЖАЛГАН КӨРСӨТМӨ БЕРҮҮГӨ МАЖБУРЛОО (КР ЖКнын 341-БЕР.)

Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо – бул сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлүүчү адам тарабынан мыйзамсыз иш аракеттер.

КР ЖК 341-бер. конкреттүү түрдө төмөнкүдөй түрдө жалган маалымат берүүгө мажбурлоону трактовкалайт:

***Шектүүнү, күнөөлүүнү, жабырлануучуну, күбөнү жалган көрсөтмө берүүгө же эксперти, адисти жалган корутунду же шантаж же жашоо жана ден соолук үчүн кооптуу болбогон зордук-зомбулук, же сотко чейинки өндүрүштү ишке ашыруучу адам тараптын башка мыйзамсыз иш аракеттерди (кыйноодон башка) колдонуу жолу менен көрсөтмө берүүгө мажбурлоо.***

Мыйзамсыз иш аракеттер көрсөтмө алуу максатында адамга таасир көрсөтүүнүн мыйзамсыз ыкмаларынын кеңири чөйрөсүн камтыйт. Суракты өзүндө, аны толук мыйзамдуу жүргүзүүдө эле психологиялык таасирлердин элементтери бар экендигин белгилеп кетүүгө болот, мисалы, чындык көрсөтмөлөрдү берүүдөн баш тартуу же качуу үчүн, билип туруп жалган маалымат берүү үчүн жоопкерчилик тууралуу эскертүү ж.б. бирок белгилүү бир чарада мындай психологиялык мажбурлоо мыйзамда негизделген, ал укук ченемдүү, адамдын туура позициясын түзүүгө, өзүнүн жарандык милдетине[53] аң-сезимдүү мамиле кылууга тийиш. Мажбурлоо сурак жүргүзүүнүн мыйзамга каршы формасы катары, башка бирөөнүн эркине таңуулоодо мыйзамга жооп бербеген таасирлердин каражаттарын аны адамдын эркине жана кызыкчылыгына каршы колдонууда суракка алынган адамдын жүрүм-турумунун эркиндигин чектөө менен коштолот. КР ЖК 341-бер. ылайык мындай иш аракеттер шантаж же адамдын жашоосуна жана ден соолугуна кооптуу болбогон зордук-зомбулук менен коркутуу же башка мыйзамсыз иш аракеттер менен[54] туташкан. Көпчүлүк иликтөөчүлөрдүн пикири боюнча мындай «башка мыйзамсыз аракеттер» альтернативдүү болушу мүмкүн:

- кандайдыр бир зыян келтирүүгө коркутуу;
- гипноз, психотроптук курал колдонуу менен коркутуу;
- инсандын укуктарын мыйзамсыз чектөө;

---

[53] Россия Федерациясынын Жазык кодексине комментарий / Ю.И. Скуратова, В.М. Лебедева. Жалпы ред. – 3-басылма. өзгөртүү жана толуктоо – М.: НОРМА-ИНФРА-М., 2001. – С. 53.
[54] КР Жазык кодекси, ст. 341.

- суракта провокациялык ыкмаларды колдонуу – суракка алынуучуну кылмыш жасоого ашкерелөөчү сыяктуу башка адамдардын сурактарынын жараксыз протоколдорун көрсөтүү; кылмышты иликтөөнү токтотууга жалган убада берүү;
- суракка алынуучу адамдын кадыр-баркын кемсинтүү (сөз менен, жаңсоо менен);
- сатып алуу ж.б.[55].

КР ЖК 341-бер. ылайык сотко чейинки өндүрүштү ишке ашыруучу адам **субъект** болуп саналат. Бул учурда адам кызмат адамы (бул бийликтин өкүлү – тергөөчү, тергөө бөлүмүнүн начальниги, прокурор, сурак жүргүзүүчү тергөө органынын начальниги) болуп саналат, бирок ал жөн гана атайын эмес, атайын-конкреттүү субъект болуп саналат.

КР ЖК 341-бер. каралган кылмыштар, сурак жүргүзүүдө түздөн-түз максат менен көрсөтмө алуу (чын же туура эмес).

Кыйноонун **негизги түздөн-түз объектиси** көрсөтмө берүүгө мажбурлоо көрсөтмө берүү жолу менен белгиленүүчү далилдерди алуунун, ошондой эле адамдын конституциялык укугу аны кылмыш жасоого күнөөлөөдө мыйзамсыз жол менен алынган далилдерге негизденбей тургандыгынын процессуалдук тартибин камсыздоо бөлүгүндө тийиштүү түрдө сот укугун камсыздоо болуп саналат.

Бул кылмыштын **кошумча факультативдик объектиси** катары күнөөлүүнүн эркининин, ден соолугунун эркиндиги чыгат;

**Объективдүү тарап**. КР ЖК 341-бер. каралган кылмыштар үчүн белгилүү бир мүнөздүү кырдаал – суракта зордук-зомбулук менен коркутуу болуп саналат, б.а. тергөөчү, аларды сурак протоколунда белгилөө үчүн жазык процессинин белгилүү бир катышуучуларынан көрсөтмөлөрдү алуу менен коштоло турган иш аракеттерди ишке ашырат. Ошондуктан, атап айтканда, эгер, адамга зордук-зомбулук көрсөтүү же шылдыңдоо түздөн-түз сурак жүргүзбөгөн кызмат адамы тарабынан жасалса, бирок кандайдыр бир кырдаал боюнча суракка алынууга тийиш болгон адамга колдонулса, ал кыйноо сыяктуу башка зарыл болгон белгилердин болуусунда квалификацияланышы мүмкүн.

Ошентип, кыйноо сыяктуу мындай кылмыштарды так талкуулоо, аны сапаттуу квалификациялоо, жогоруда сөз болгондой кылмыштардын чектеш курамынан аларды негиздүү чектөө үчүн зарыл өбөлгө болуп саналат. Бул теоретикалык гана эмес, практикалык мааниге ээ, анткени бул же тигил иштерди ачык эмес юридикалык баалоо жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга алып келет, сот укугун нормалдуу ишке ашырууга тоскоолдук болот, мамлекеттин жана анын укук коргоо органдарынын кадыр-баркын кетирет.

---

[55] См.: Навроцкий В.О. Жазык-укуктук квалификациянын негиздери: окуу куралы / В.О. Навроцкий – К.: Юринком Интер, 2006. – 704 с.; Кудрявцев В.Н. Кылмыштарды квалификациялоонун жалпы теориясы. – М.: Юристъ, 1999. – 304 с.

Баяндалгандардын негизинде төмөнкүдөй **тыянак** чыгарууга болот:

***1. Жалпысынан курамдын өзү эмес, анын субъективдүү жана объективдүү белгилери кылмыштардын чектөө курамынан кыйноолорду чектөө критерийи болуп саналат.***
***2. Атайын субъектин белгиси кыйноолордун башкы белгилеринин бири болууга тийиш, анын негизинде аларды зордук-зомбулуктун башка түрлөрүнөн чектөөгө мүмкүн болот.***
***3. Кыйноолорду жана кылмыштардын башка чектеш түрлөрүн чектөө процессинде кылмыштардын максаттарынын болуусуна көңүл буруу зарыл.***

***Кыйноолорду социалдык-укуктук баалоого акыркы үч негизги иманенттик белгилер таасир тийгизет:***
***а) катуулук;***
***б) мажбурлоо, шылдыңдоо, коркутуу же дискриминациялоо максатында адам укуктарына зордук-зомбулук менен кол салуу;***
***в) социалдык, анын ичинде укуктук, коомдун мүчөлөрүнүн өздөрүнүн арасында жана мамлекет менен өз ара аракеттенүү ченемдерин бузуу.***

***Жабырлануучунун кыйноолордон тарткан азаптарынын даражасы субъективдүү жана баалоочу түшүнүк болуп саналат, ал ооруга сезимталдуулукка, организмдин чыдамдуулугуна, башка факторлорго жараша болот. Кыйноолорду констатациялоо үчүн жабырлануучу үчүн чыдагыс же чыдоого кыйын болгон, кыйноо кызыкчылыгында жабырлануучунун белгилүү бир жүрүм-турумун шарттоочу азап-тартуу фактысын белгилөө жетиштүү. Тийиштүү түрдө жеке жана адеп-ахлак азаптарын аларды даражасы боюнча эмес, аны алып келген кыжырдануу мүнөзү боюнча айырмалоо керек.***

# 4. СОТТОР ТАРАБЫНАН КЫЙНООЛОРДУ КОЛДОНУУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН КЫЛМЫШТАР БОЮНЧА ИШТЕРДИ КАРООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 4.1 КЫЙНООЛОРДУ КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТТУК ТАЖРЫЙБАНЫН СЕРЕПТЕРИ

Кыргыз Республикасы Кыйноолорго же башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган кайрылуулардын түрлөрүнө жана жазаларга каршы Конвенцины (мындан ары – Конвенция) ратификациялаган. БУУ Комитетинин кыйноого каршы компетенциясын таануу менен Кыргызстан компетенттүү органдар тарабынан кыйноолорду толук, тез арада, натыйжалуу жана калыстык менен иликтөөнү камсыздоо милдеттенмесин алган. Кыйноолор тууралуу арыздарды иликтөөдө натыйжалуулуктун, тездиктин жана калыстыктын жоктугу тууралуу сотко чейин жеткен иштердин аз процентин гана эмес, туура чыгарылган өкүмдөрдүн жоктугун да ырастайт. Бул тууралуу сот статистикасы да, Башкы прокуратуранын материалдары да ырастайт.

2015 – 2020-жылдар ичинде кыйноого байланышкан иштерди соттук кароо

| | **Жазык иштеринин бардыгы** | **Жазык иштеринин кыймылы** | **Актоо өкүмдөрүн чыгаруу** | **Айыптоо өкүмдөрүн чыгаруу** |
|---|---|---|---|---|
| **2015** | **–** | – | – | – |
| **2016** | **3** | Прокуратурага кайтарылганы – **1**;<br>Башка сотко берилгени – **1**;<br>Жылдын аягына калдык – **1**. | – | – |
| **2017** | **2** | – | **2** | – |
| **2018** | **3** | Башка сотко берилгени – **2** | **1** | |
| **2019** | **2** | Токтотуу тууралуу токтом чыгаруу | – | – |
| **2020** | **–** | – | – | – |
| **Бардыгы** | **10** | | **3** | **0** |

Бул маалымат Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан берилген маалыматтар менен айырмаланат.

2016-жылдын январынан 2020-жылдын декабрына чейин кыйноолорду колдонгондугу үчүн жазык жоопкерчилигине тартылган кызмат адамдарынын саны

| | |
|---|---|
| Кыйноолору үчүн жазык жоопкерчилигине тартылган кызмат адамдарынын жалпы саны | **77** |
| Чыгарылган айыптоо өкүдөрүнүн саны | 12 иш – **31 адам.** |
| Жазык жазасын дайындоо менен айыптоо өкүмдөрүнүн саны жана аны өтөөдөн бошотуу | 7 иш – **14 адам**. |
| Жазык жазасын дайындоосуз айыптоо өкүмдөрүнүн | 1 иш – **1 адам**. |
| Актоо өкүмдөрүнүн саны | 17 иш – **51 адам**. |
| Реаблитациялоочу негиздер боюнча акталган адамдардын саны | **53 адам**. |

Кыйноолор боюнча соттук териштирүүлөр кандай өтөт, алардын бардыгы эреже боюнча стандарттуу өтөт, төмөнкүдөй конкреттүү мисалдарды ырастайт.

**1-мисал.** Э.У. жана Т.К. КР ЖК 305-бер.2-б.5-п., 305-1-бер. 3-б. 4,5-п., 104-бер. 4-б. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) каралган кылмыштарды жасоого айыптоо боюнча жазык иши 2015-жылдын 6-мартында жабырлануучу Б.Д. ооруканада операция учурунда каза

болгондугунун фактысы боюнча козголгон. Иштин жүйөлөрүнөн көрүнүп тургандай, Жаран С.О. оозэки кайрылуусунун негизинде Б.Д. Талас ш. МИИБ кызматкерлери Э.У. жана Т.К. тарабынан кармалган. Жаран Р.Р. жана С.О. мүлкүн уурдоого шектелип мыйзамсыз кармалган, Б.Д. мойнуна алдыруу көрсөтмөсүн алуу максатында кыйноо жасоонун жүрүшүндө ичегисине зыян келтирүү түрүндө оор залал келтирилген, анын натыйжасында Б.Д. каза болгон.

Айыптоо корутундусу боюнча:

С.О. КР ЖК 104-бер. жана 305-305-1-бер. 3-б. 5-п. каралган кылмыштарды жасоого айып коюлган.

Э.У. КР ЖК 305-1-бер. 3-б. 5-п. каралган кылмыштарды жасоого айып коюлган.

Т.К. КР ЖК 305-1-бер. 3-б. 5-п. каралган кылмыштарды жасоого айып коюлган.

Талас облусунун Талас райондук сотунун 2017-жылдын 29-сентябрындагы өкүмү менен *иш боюнча бардык фигуранттар аларды күнөөсүн далилдөөсү далилдердин жетишсиздигине байланыштуу акталган.*

Талас облустук сотунун соттук коллегиясы райондук соттун жогоруда аталган өкүмүн жокко чыгарган, жазык иши тергөөнүн кемчиликтерин толуктоо үчүн кайтарылып берилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясы тарабынан апелляциялык соттун чечими жокко чыгарылган жана жазык иши Бишкек шаардык сотунун башка курамына жаңыдан кароого жөнөтүлгөн.

Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын 2018-жылдын 12-сентябрындагы өкүмү менен, Талас райондук сотунун 2017-жылдын 29-сентябрындагы актоочу өкүмү өзгөрүүсүз калтырылган, ал эми прокурордун көрсөтмөсү канааттандырылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегиясынын 2018-жылдын 25-декабрындагы токтому менен биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттордун жогоруда көрсөтүлгөн өкүмдөрүв күчүндө калтырылган.

**2-мисал.** 2018-2020-жылдар үчүн республиканын соттору тарабынан КР ЖК 305-1-бер. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) жана колдонуудагы ЖК 143-бер. «Кыйноолор» боюнча каралган жазык иштери.

**Бишкек ш.**

1. 305-1-бер. 2-б (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) менен М.Д. айыптоо боюнча жазык иши боюнча Бишкек ш. Ленин райондук сотунун 2018-жылдын 2-октябрындагы токтому менен, анын иши кайрадан ошол эле Кодекстин 112-бер.1-б. кайра квалификацияланган. Жазык иши аны дискриминациялоого байланыштуу токтотулган.

2. Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун 2019-жылдын 5-ноябрындагы өкүмү менен КР ЖК (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) 305-1-бер. 2-б., 305-бер. 2-б. ч. 313-бер. 2-б., 167-бер.1-б. боюнча айыпталуучу А.Ч., С.Т., А.Т. жана Т.Э. алардын күнөөсү далилденбегендигине байланыштуу акталган. Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын 2020-жылдын 16-октябрындагы өкүмү менен райондук соттун өкүмү күчүндө калтырылган. Жогорку соттун соттук коллегиясынын токтому менен эки инстанциядагы соттордун өкүмдөрү күчүндө калтырылган.

**Чүй областы**

1. Москва райондук сотунун 2018-жылдын 10-январындагы өкүмү менен КР ЖК 305-1-бер. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) 2-б. боюнча айыпталуучу Б.Б. жана К.Э *кылмыш окуяларынын болбогондугуна байланыштуу акталган.* Чүй облустук сотунун апелляциялык инстанциясынын 2018-жылдын 1-июнундагы өкүмү менен райондук соттун өкүмү *күчүндө калтырылган.*

2. Ысык-Ата райондук сотунун 2019-жылдын 21-январындагы өкүмү менен айыпталуучу К.К. жана Б.С. КР ЖК 305-1-бер. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) 2-б. боюнча 8 жылга эркинен ажыратылган.

Чүй облустук сотунун соттук коллегиясынын 2019-жылдын 22-апрелиндеги өкүмү менен райондук соттун өкүмү өзгөртүлгөн – айыпталуучу К.К. жана Б.С. иш аракети КР ЖК 305-бер. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) 1-б. кайра квалификацияланган жана анын негизинде ушул эле Кодекстин 67-бер. 1-б. менен аларды жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн чектөө мезгили өткөндүгүнө байланыштуу *жазык жоопкерилигинен бошотулган.*

УР Жогорку сотунун соттук коллегиясынын 2019-жылдын 22-апрелиндеги токтому менен Чүй облустук сотунун өкүмү жокко чыгарылган жана жазык иши Чүй облустук сотуна жаңыдан кароого жөнөтүлгөн.

Чүй облустук сотунун соттук коллегиясынын 2020-жылдын 1-октябрындагы өкүмү менен КР ЖК 305-бер. 2-б. боюнча айыпталуучу К.К. жана Б.С. *алардын иш аракетинде кылмыш курамынын жоктугуна байланыштуу акталган.*

3. Жайыл райондук сотунун 2019-жылдын 27-ноябрындагы өкүмү менен КР ЖК 305-1-бер. боюнча айыпталуучу М.С. жана С.М. алардын күнөөсү тастыкталбагандыгы үчүн акталган. Чүй облустук сотунун соттук коллегиясынын 2020-жылдын 12-июнундагы өкүмү менен биринчи инстанциядагы соттун өкүмү күчүндө калтырылган.

**Ош областы**

1. Ош шаардык сотунун 2018-жылдын 9-октябрындагы өкүмү менен айыпталуучу Ж.К., С.Б., К.К. жана О.С. КР ЖК 305-1-бер. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) 3-б. боюнча соттолушкан. С.Б. 3 жылдык мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан ажыратуу менен 13 жылга эркинен ажыратылган. К.К. 3 жылдык мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан ажыратуу менен 12 жылга эркинен ажыратылган; О.С. – 3 жылдык мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан ажыратуу менен 12 жылга эркинен ажыратылган; Ж.К. – 3 жылдык мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан ажыратуу менен 14 жылга эркинен ажыратылган.

Ош облустук сотунун соттук коллегиясынын 2020-жылдын 5-июнундагы өкүмү менен, Ош шаардык сотунун өкүмү өзгөртүлгөн, айыпталуучу Ж.А., С.Б., К.К., О.С. КР ЖК 143-бер.2-б. боюнча күнөөлүү деп табылып, *8 жылга эркинен ажыратылган.*

**Жалал-Абад областы**

1. Сузак райондук сотунун 2019-жылдын 25-мартындагы өкүмү менен, КР ЖК 305-1-бер. 2-б. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) боюнча айыпталуучу М.С. жана Б.Н. алардын күнөөсү далилденбегендигине байланыштуу акталган. Жалал-Абад облустук сотунун соттук коллегиясынын 2019-дыолын 26-сентябрындагы өкүмү менен Сузак райондук сотунун өкүмү күчүндө калтырылган.

**Талас областы**

1. Талас райондук сотунун 2018-жылдын 23-мартындагы өкүмү менен КР ЖК 305-1-бер. 2-б. (1997-жылдын 1-октябрындагы редакцияда) боюнча айыпталуучу А.К., Т.Т. жана И.Ф. карата актоо өкүмү чыгарылган.

Талас облустук сотунун апелляциялык инстанциядагы соттук коллегиясынын 2019-жылдын 29-апрелиндеги өкүмү менен райондук соттун өкүмү жокко чыгарылган – айыпталуучулар *кылмыш окуясынын жоктугуна байланыштуу акталган.*

Көрүп тургандай кыйноолор боюнча иштин көпчүлүгү актоо өкүмүн чыгаруу меен же жазык жоопкерчилигинен бошотуу менен аяктайт.

Көпчүлүк учурда сотто иштин «кыйрашы» кылмыштын өзүнүн латенттүүлүгүнө байланыштуу болот. Жогорку латенттүүлүк кыйноолорду колдонуунун көпчүлүк учурлары жасалган ишти «изи суүй электе» моюнга алдыруу көрсөтмөлөрүн алуу максатында кармоо этабы орун алгандыны менен шартталган. Кылмышты ачуунун мындай ыкмалары эреже боюнча коюлган максаттарга ийгиликтүү жетүү менен аяктайт. Ошондуктан, колдонулган кыйноолордун көпчүлүк саны адамды кармоо этабында орун алган.

Жогорку латенттүүлүккө өлкөдө көз карандысыз деп айтууга болгон объективдүү медицинанын, ошондой эле жабырлануучунун эксперттерге өз учурунда кайрылуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу өбөлгө болот. Аларга эксперт еге өз учурунда кайрылуу мүмкүнчүлүгүн бербөө кармалган адамга карата кыйноолордун жана катуу мамиле кылуунун уланышына алып келет жана мында белгилүү бир убакыт ичинде кыйноолордун болгондугун далилдөө өтө кыйын болот.

Мындан тышкары, бир типтеги жазык иштерин талдоо кызматтык зордук-зомбулук кыянаттык менен айыпталуучу адамын иш аракеттерин квалификациялоодо каталар, негизинен тергөөчүлөр, прокурорлор жана соттор тарабынан кыйноолордун субъективдүү да, ошондой эле объективдүү белгилерин туура эмес түшүнгөндүгүнө байланыштуу болгондугун көрсөтөт. Тактап айтканда, кызмат адамы тарабынан денесине зомбулук колдонуу фактысы алардын иш аракетин бийлигинен аша чапкан катары КР ЖК 321-бер. кайра квалификациялоо үчүн негиз болуп саналат.

БУУ Комитетинин №1 Жалпы тартиптин кыйноолорго каршы сын-пикирлеринин 15-пунктуна ылайык Конвенция катышуучу мамлекеттерге өзүнүн кызмат адамынын иш аракети же аракетсиздиги үчүн эл аралык жоопкерчилик салат. Иликтөө жол-жоболору ресурстардын же тажрыйбанын жетишсиздигинин, бир жактуулукту көрсөтүүнүн систематикалык кыянаттыктын ачык болуусунун же кандайдыр бир башка олуттуу себептер боюнча талаптар канааттандырылбаган учурда мамлекет иликтөө боюнча же кандайдыр бир башка ушул сыяктуу жол-жоболордун (бул Стамбул протоколунун принциптеринин бири) алкагында көз карандысыз комиссиянын жардамы менен иликтөө жүргүзүлүүгө тийиш.

Бүгүнкү күндө мындай көз карандысыз комиссияны түзүү зарылдыгы келип чыкты (туруктуу же убактылуу негизде), анын курамына натыйжалуу, толук жана тез арада иликтөө жүргүзүү үчүн ыйгарым укук берүү менен мамекеттик органдардан көз карандысыз эксперттер киргизилүүгө тийиш.

Ошондой эле зарылдык келип чыкты:

- Ички иштер министрлигинин башкаруусунан убактылуу кармоочу изоляторду чыгаруу;
- Кармалган адамдын кыйноолор тууралуу оозэки же жазуу жүзүндөгү арызын тез арада соттук-медициналык жана соттук-психологиялык экспертизага коргоочунун же анын тууганынын коштоосу менен тез арада жөнөтүү.

## 4.2 КЫЙНООЛОРДУ КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Кыйноолорду колдонуу фактылары боюнча материалдарды жана жазык иштерин сот тартибинде кароо төмөнкү негиздер боюнча жүргүзүлөт:

| |
|---|
| ***1.*** *Кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү, жаза чарасын колдонуу тууралуу өтүнүчтү кароодо.*<br>***2.*** *Тергөөнүн жүрүшүндө айыпталуучу ага карата кыйноолор колдонулгандыгы тууралуу билдирген учурда болжолдуу угууларды жүргүзүүдө.*<br>***3.*** *Кыргыз Республикасынын жазык кодексинин 143-беренесинде (кыйноолор) каралган кылмыштарды жасоого айыптоо боюнча жазык иштерин кароодо.* |

Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүдө жана жаза колдонуу чарасынын зарылдыгында тергөөчү жаза чарасын колдонуу зарылдыгы келип чыккан негиздерди баяндоо менен соттун алдында өтүнүч козгойт. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн тастыктоочу материалдар тиркелет.

Жаза чарасын колдонуу тууралуу маселени чечүүгө карата айыпталуучу сот жыйынына жеткирилген учурда, тийиштүү мамиле жасалбагандыгын билдирсе же анын денесинде тышкы таасирлердин тактары көрүнүп турса, бирок ал тууралуу унчукпаса, *тергөөчү судья* аны алуу себептер ин тактоо менен катышуучу прокурорго тийиштүү текшерүү жүргүзүүнү протокол менен тапшыруу, ошондой эле текшерүүнү уюштуруу үчүн прокуратура органдарына тиешелүү жазуу жүзүндөгү маалымат жөнөтүү менен бул маселени иликтөөсү зарыл.

Эгер, айыпталуучу, сот жыйынында ага коюлган айыптар аны моюнга алдыруу көрсөтмөлөрү кыйноолор менен негизделгендигин оозэки билдирсе, тергөөчү сот айыпталуучунун бул арызын протоколго киргизилгендигин ырастоо менен, жыйындан кийин ал маалыматты кылмыштар тууралуу билдирүүнү кабыл алуу жана кароо үчүн прокуратуранын дарегине жөнөтүүгө тийиш.

Чыгарылган токтомдордун, прокурордун,терөөчүнүн, тергөө оганынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын ага барабар болгон башка чечимдеринин жана аракетинин (аракетсиздигинин) мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө карата даттанууларды сотко жөнөтүүдө, текшерүүнү *тергөөчү судья* жүргүзөт, даттануу түшкөн күндөн тартып 3 суткадан кечиктирбестен, эгер алар жазык ишине жана (же) коруктар тууралуу ишке катышса, арыздануучунун жана анын коргоочусунун, мыйзамдуу өкүлүнүн же өкүлүнүн, даттанылган иш аракеттерге (аракетсиздикке) же чечимдерге түздөн-түз кызыкчылыгы бар башка адамдардын катышуусу менен чечим чыгарат.

Даттанууларды кароонун жыйынтыгы боюнча тергөөчү судья төмөнкү токтомдордун бирин чыгарат:[56]

| |
|---|
| 1) *Тийиштүү кызмат адамынын аракетинин (аракетсиздигинин) же чечиминин мыцзамсыздыгын же негизсиздигин таануу тууралуу жана жол берилген укук бузууларды четтетүүгө анын милдеттери тууралуу;* |
| 2) *Даттанууларды канааттандыруусуз калтыруу тууралуу.* |

[56] КР Жазык-процессуалдык кодекси, 262-бер.

Даттанууларды кароо убактысы тууралуу өз учурунда билдирүү алган адамдын келбей жана аны кароону алардын катышуусун талап кылбаган, сот[57] тарабынан даттанууларды кароо үчүн тоскооолдук болуп саналбайт.

Эгер, тергөөчү судья жүргүзүлгөн тергөө ишин же башталган атайын тергөө ишин мыйзамсыз деп тааныган учурда, мындай иш аракеттердин жүрүшүндө алынган бардык иш аракеттер КР ЖПК 82-бер.  ылайык жол берилгис деп таанылат.

Бул учурда тергөөчү судья жеке аныктама чыгарат, анда чара кабыл алууну талап кылуучу мыйзам бузуу иши боюнча белгиленген фактыларга прокурордун көңүлүн бурат. Тергөөчү судьянын жеке аныктамасы боюнча бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен чаралар кабыл алынууга жана анын натыйжасы тууралуу ага билдирилүүгө тийиш. **Тергөө же атайын тергөө иштерин жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы тууралуу тергөөчү судьянын токтому даттанылууга тийиш эмес[58].**

Айыпталуучунун сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө моюнга алуу көрсөтмөлөрүн «алуу» максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы тууралуу жазык ишин кароодо даттануусу Кыргыз Республикасында жетиштүү жайылтылган болуп саналат.

Эгер, сот жыйынында айыпталуучу тарабынан тергөө ишинин жүрүшүндө андан же башка адамдан маалымат же аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы тууралуу билдирилген учурда, сот бул көрсөткүчтөр коргоо укугунун элементи болуп саналгандыгынын негизинде жана анда баяндалган аргументтер ишенимсиз болгон учурда айыпталуучу адамдар алардын жалгандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Бардык учурларда айыпталуучунун жогоруда көрсөтүлгөн аргументтери тийиштүү түрдө иликтенүүгө тийиш, бул үчүн сот бул адамдар ИВСке же СИЗОго түшкөн учурда медициналык тастыктоонун натыйжасын, тергөө органдарынын ишине даттанууулардын болгондугу тууралуу маалыматты ж.б. талап кылышы мүмкүн.

Сот тергөө иштерин жүргүзүүдө адвокаттын болуусун, аларды жүргүзүү мезгилинде денеге зыян келтирилгендигинин болуусун, башка адамдар менен өз ара иш аракетте айыпталуучунун жүрүм-турумун ж.б. белгилөөгө тийиш, анткени Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин талаптарына ылайык иш боюнча чогултулган далилдер бардык жактан жана объективдүү текшерилүүгө тийиш.

Алынган бардык далилдерди (айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн, эксперттердин корутундуларын, буюм далилдерин, тергөө протоколдорун жана сот иштерин, башка далилдерин) анализдөө жана аларды бири-бири менен салыштыруу менен, сот төмөнкүдөй бүтүмгө келиши мүмкүн:

| |
|---|
| *– сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы жана анын **күнөөлүү эместиги** жөнүндө **аргументтердин негиздүүлүгү тууралуу;*** |
| *– сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы жана анын **күнөөлүүлүгү** жөнүндө **аргументтердин негиздүүлүгү тууралуу;*** |
| *– сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы жана анын **күнөөлүү эместиги** жөнүндө **аргументтердин негизсиздиги тууралуу;*** |
| *– сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы жана анын **күнөөлүүлүгү** жөнүндө **аргументтердин негиздсиздиги тууралуу;*** |

[57] Ошол эле жерде, 132-бер.
[58] КР Жазык-процессуалдык кодекси, 261-бер.

Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө аны моюнга алдыруу максатында ага карата кыйноолор колдонулгандыгы жана айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөлүү эместиги жөнүндө аргументтер негиздүү болгондо сот күнөөлүү адамды жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн кыйноолорду колдонуу фактысы сот тарабынан белгиленгендиги тууралуу тиешелүү прокурорго маалымат иретинде билдирүүгө тийиш.

КР ЖПК 82-бер. ылайык ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен алынган маалыматтар жол берилгис далилдер болуп саналат, юридикалык күчкө ээ эмес жана иш боюнча чечимдин негизине салынууга, ошондой эле КР ЖК 83-бер. көрсөтүлгөн ар кандай жүйөлөрдү далилдөө үчүн пайдаланылууга тийиш эмес.

Күбөнүн, шектелүүчүнүн, айыпталуучунун сотко чейинки өндүрүштө кыйноолорду, зордук-зомбулуктарды, коркутууларды, алдамчылыкты, башка мыйзамсыз иш аракеттерге барабар жана катуу мамилени колдонуу жолу менен алынган көрсөтмөлөрү, ошондой эле, ага карата кыйноолорду колдонуунун натыжасында алынган көрсөтмөлөрү жол берилгис далилдерге таандык.

Жол берилгис далилдерди жокко чыгаруу тууралуу тараптардын өтүнүчүнүн болуусу болжолдуу угууларды жүргүзүүгө негиз болуп саналат[59]. Далилдер Жазык-процессуалдык кодекстин талаптарын бузуу менен алынгандыгынын негизинде коргоочу тарабынан билдирилген далилдерди жокко чыгаруу тууралуу өтүнүчтү кароодо, коргоочу тараптан берилген аргументтерди аргументтерди далилдөө жүгү прокурордо болот. Башка учурларда далилдөө жүгү өтүнүч билдирген тарапта болот. Сот тараптардын аргументтерин баалоо менен далилдерди жокко чыгаруу тууралуу өтүнүчтү канааттандыруу тууралуу мотивациялоочу чечим чыгарат.

Эгер сот далилдерди жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алса, андан бул далил юридикалык күчүн жоготот жана өкүмдүн же башка сот чечиминин негизине салынышы, ошондой эле соттук териштирүүнүн жүрүшүндө иликтенүүгө жана пайдаланууга мүмкүн. Токтомдо кайсы далилдер жана бул далилдерди жокко чыгарууну негиздөөчү жазык ишинин кайсы материалдары алынып салына тургандыгы көрсөтүлгөн, ал иликтөөгө жана сот жыйынында жарыялануунга жана далилдөө процессинде пайдаланылууга тийиш эмес[60]. Өкүмдү сот тарабынан таанылган далилдер менен негиздөө өкүмдү жокко чыгаруу негиздери болуп саналат[61].

КР ЖК 143-бер. каралган кылмыштарды жасоого айыптоо боюнча жазык ишин соттук кароо, кылмыштардын бул түрүнүн латенттүүлүгү, чектеш курамдын болуусунда жана кандайдыр бир натыйжага жетүү үчүн кыйноолорду колдонуу максатында болгон конкреттүү аракеттердин көптүгү менен шартталган атайын өзгөчөлүктөр коштолот.

## 4.3 КЫЙНООЛОРДУ КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ ИШТЕРДИ ТЕРГӨӨДӨ ЖАНА СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮДӨ НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Кыйноолор менен кыйла натыйжалуу күрөшүү үчүн биринчи кезекте кыйноолор (ал келип түшкөн күнү кандайдыр бир себептер менен кечиктирбестен) жөнүндө бардык арыздарга КР ЖПК белгиленген процессуалдык иш-аракеттерди так жана кынтыксыз сактоо менен, тез арада таасир көрсөтүү зарыл,

Кыйноолор тууралуу иштер боюнча далилдерди жыйноодо («көрсөткүчтүү деп эсептелген»), эреже боюнча: текшерүү протоколу, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, арыз берүүчүнүн акыл-эсинин жайында болбогондугу жана анын калпка жакындыгы тууралуу

[59] КР Жазык-процессуалдык кодекси, 270-бер.
[60] Ошол эле жерде, 276-бер.
[61] Ошол эле жерде, 413-бер.

суроого жооп менен психологиялык-психиатриялык экспертизалар, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдүн, видеожазуулардын, медициналык документтердин ж.б.

Иликтөөчүлөрдүн позитивдүү имиджин түзүү жана кыйноолор жөнүндө иш боюнча иликтөө жүргүзүүгө жөндөмсүздүгү тууралуу тыянак бөлүмүндө жаранджардын ишенимин жогорулатуу үчүн кыйноолор тууралуу арыз берүүчүнүн билип туруп жалган жеткиргендиги үчүн жоопкерчиликке тартууну жокко чыгарат, иликтөө үчүн иш аракеттердин натыйжалуу алгоритмин иштеп чыгат жана ишке киргизет.

Азыркы учурда, иш жүзүндө колдонулбагандыктан (кээде кандайдыр бир жол менен автоматтык түрдө өтүп кетет) кыйноолор тууралуу арыз берүүчүнү толук жана терең суракка алуу ажырагыс болуп саналат. Маалыматтардын негизинде так алгоритм менен иликтөө планы түзүлөт. Аны иштеп чыгуу арыздануучунун өзгөчөлүктөрүн (жынысын, жаш курагын, социалдык статусун ж.б.), ошондой эле кыйноо жасалган жердеги мекемени эске алуу менен маанилүү.

Арыздануучу иликтөөнүн жүрүшү жана жыйынтыгы тууралуу өз учурунда маалым болууга тийиш, жана мындай талап кыйноолор тууралуу жазык иши боюнча өндүрүштө милдеттүү болууга тийиш. Мындай эрежени бузуу кызмат адамынын аракетин (аракетсиздигин) даттанууга карата мүмкүнчүлүктөн ажыратууга алып келет.

Процессуалдык иш аракеттерге катышууга арыздануучунун мүмкүнчүлүгүн чектөөдөн качуу үчүн КР ЖПКда кыйноолор тууралуу иште жабырлануучуга квалификациялык юридикалык жардамдарды милдеттүү көрсөтүү тууралуу ченемдерди белгилөө маанилүү.

Кыйноолор тууралуу ишти иликтөөнүн толуктугун жана объективдүүлүгүн камсыздоодо адвокатты, күбө катары медицина кызматкерин тартуу зарыл.

Стамбул протоколунун негизинде тергөөчүлөр, адистер, кыйноолор тууралу иштер боюнча маселе коюу жана иликтөө жүргүзүү боюнча эксперттер үчүн так нускамаларды иштеп чыгуу.

ИВСте видеожазуулар өчүрүлүүгө тийиш эмес, прокуратуранын өчүрүлгөн ресурстарына аларды милдеттүү түрдө автоматтык көчүрүүнү жана маанилүү далилдерди жоготуудан качуу үчүн сактоону камсыздоо зарыл.

Кыйноолор тууралуу ар бир арызды текшерүүдө психикалык азап келтирүү жөнүндө корутунду алуу үчүн психологду тартуу. Системалык ыкманы камсыздоодо КР Юстиция министрлигинин эксперттеринин реестрине психолог адистигин киргизүү тууралуу маселени кароо керек.

Бардык эле дарыгерлер кайрылган бейтаптарга баш тартпастан соттук-медициналык экспертизага ырастаманы толук жана кылдаттык менен жазып берүүгө милдеттүү. Жабырлануучуга тиешелүү жардамдарды көрсөтүүнү камсыздоо, ошондой эле тергөө жана от үчүн кыйноолор тууралуу далилдерди бекемдөө максатында бардык медицина кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон медициналык протоколду иштеп чыгуу жана ишке киргизүү маанилүү.

Тергөө жана сот органдары кандайдыр бир жактуулуктан качуу менен, анын ичинде жабырлануучунун статусун жана негизги мүнөздөмөсүн териштирүүнү (соттолгондугу, жаман адаттар, социалдык статус, адамдын мүнөздөмөсү) негизги предмет катары койбостон кыйноолор тууралуу арыздануучуга карата калыстык жана көз карандысыздык көрсөтүүгө тийиш.

“Эркиндик жок” жерлерде каза болгон фактылар тууралуу статистика жүргүзүлөт, бирок, суроо-талап боюнча жарыяланбайт жана ачыкка чыгарылбайт. Буга байланыштуу, бул маалыматтын ачыктыгын камсыздоо зарыл, анткени ал коомдук кызыкчылыкты көрсөтөт.

Камакта кыйноо тууралуу арызданууучулардын ден соолугунун абалын текшерүү боюнча, текшерүү өндүрүш менен токтотулган арыздар боюнча, ошондой эле кыйноолор тууралуу чыгарылган өкүм боюнча ыкчам чара көрүү зарыл. Мындай арызданууучуларды алардын эркиндигин кайталануучу виктимизацияны превенциялоо максатында кыйноолордон коргоону камсыздоодо контролдоо механизмин иштеп чыгуу зарыл.

Кыйноолордун институтун андан ары иштеп чыгууну улантуу зарыл. Мында, мыйзам чыгаруучу жөндүү жана үнөмдүү юридикалык материалдардын талаптарын жетекчиликке алууга тийиш. Ал Жазык кодексин абстрактуу формулировкалар менен жүнтөөгө тийиш эмес, анткени теоретикалык көз караштан алганда жазык укугунун ченеми формализм жана баалоо элементтери туура айкалышканда гана толук жана натыйжалуу болот. Укук колдонуунун практикалык кырдаалдарында жасалган негиздүү жана логикалык квалификациялар үчүн бул институтту толук кандуу укуктук жөнгө салууда практикалык муктаждыкты дагы бир жолу баса белгилөө максатка ылайык деп эсептейбиз.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1) *Адам укугунун жалпы декларациясы, ст.5: «Кыйноолорго же катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган кайрылууларга жана жазаларга эч ким туш болбоого тийиш». БУУ Башкы Ассамблеясынын 1948-жылдын 10-декабрындагы 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган. [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml*
2) *Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык акт. Башкы Ассамблеянын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/ pactpol.shtml*
3) *Кыйноолорго же башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган кайрылуулардын түрлөрүнө жана жазаларга каршы Конвенция. Башкы Ассамблеянын 1984-жылдын 10-декабрындагы 39/46 резолюциясы менен кабыл алынган [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/ torture.shtml*
4) *Адам укуктарынын бардык жалпы декларациясы. БУУ Башкы Ассамблеясынын 1948-жылдын 10-декабрындагы 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/ declhr.shtml*
5) *Конституция КР. 2010-жылдын 27-апрелиндеги бүткүл элдик референдум менен кабыл алынган // Эркин-Тоо. – 2010. – 6 июля (№61).*
6) *«Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнүндө» 2008-жылдын 9-июлундагы №141КР Конституциялык мыйзамы // Эркин-Тоо. – 2008. – 15 июля (№51).*
7) *2017-жылдын 2-февралындагы КР Жазык-процессуалдык кодекси [2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген] // Эркин-Тоо. – 2017. – 15 февр. (№23-28).*
8) *2017-жылдын 2-февралындагы №19 КР Жазык кодекси [2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген] // Эркин-Тоо. – 2017. – 10 февр. (№ 20-22).*
9) *«Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» 2002-жылдын 31-октябрындагы №150 КР Мыйзамы. Электрондук ресурс [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1107?cl=ru-ru*
10) *«Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» 2006-жылдын 16-августундагы №170 КР Мыйзамы. [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1961?cl=ru-ru*
11) *«Кыргыз Республикасынын акыйкатчысы тууралуу» КР 2002-жылдын 31-июлундагы №136 Мыйзамы [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ ru-ru/1093*
12) *«Кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө» КР 2012-жылдын 12-июлундагы №104. Мыйзамы [Электрондук ресурс]. – Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203704*
13) *КР Жогорку сотунун пленумунун 2017-жылдын 1-декабрындагы №16 токтому.*
14) *«Кыргыз Республикасында зордук-зомбулуктарды, кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркын басмырлаган кайрылуулардын түрлөрүн жана жазаларды натыйжалуу медициналык документтештирүү боюнча Практикалык колдонмону бекитүү тууралуу (экинчи басылма)» Кыргыз Республкасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2015-жылдын 7-декабрындагы №680 буйругу.*
15) *Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №602 токтомуна тиркеме [Электрондук ресурс]. – кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/12825*

16) *Гилинский Я. Заманбап Россияда кыйноолор тууралуу социология // Неволя. – 2006. – №10. – С.19-28.*
17) *Здравомыслов Б.В. Россиянын жазык укугу. – М.: Юристъ, 2011. – 550 с.*
18) *Калашникова А.А. Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо: жазык-укуктук аспект: автореф. дис. ... юрид. илим канд.: 12.00.08. – М., 2004. – 24 с.*
19) *Россия Федерациясынын Жазык кодексине карата комментарий / Жалпы ред. Ю.И. Скуратова, В.М. Лебедева. – 3-басылма, өзг.жана толуктоо – М.: НОРМА-ИНФРА-М., 2001. – 880 с.*
20) *Россия Федерациясынын Жазык кодексинне карата комментарий / Ред. А.В. Наумова. – М.: Юристь, 1997. – 822 с.*
21) *Кондратов П.Е. РФ ЖК 302-ст. карата комментарий // Россия Федерациясынын Жазык кодексине комментарий (статья боюнча) / Жооптуу ред. В.М. Лебедев. 13-басылма, кайра жана толук иштеп чыгуу – М.: Юрайт, 2013. – 1359 с.*
22) *Кудрявцев В.Л. көрсөтмө берүүгө мажбурлоонун квалификациялык курамынын объективдүү тарабы (РФ ЖК 302-ст. 2-б.): теория жана практиканын суроолору // Адвокат. – 2016. – №10. – С. 53-59.*
23) *Кудрявцев В.Н. Кылмыштарды квалификациялоонун жалпы теориясы. – М.: Юристъ, 1999. – 304 с.*
24) *Маришин С.В. Тергөө алдындагы адамдардын эмоциялык абалынын өзгөчөлүгү тууралуу маселе // Пенитенциардык илим – 2019. – Т.13 (№4). – С. 569-575.*
25) *Музюкин А.П. Кылмыштардын мотиви жана анын жазык-укуктук мааниси: дис. ... юрид. илим. канд.: 12.00.08. – Рязань, 2010. – 180 с.*
26) *Навроцкий В.О. Жазык-укуктук квалификациялоонун негиздери: окуу куралы / В.О. Навроцкий – К.: Юринком Интер, 2006. – 704 с.*
27) *Расторопов С.В. Кылмыштык кол салуулардан адамдардын ден соолугун жазык-укуктук коргоо: дис. ... д-ра юрид. илим: 12.00.08. – Рязань, 2003. – 487 с.*
28) *Шарапов Р.Д. Кылмыш зомбулугу – М.: Юрлитинформ, 2009. – 490 с.*
29) *Язовский Ю.А. Россиянын кылмыш мыйзамындагы күнөө коюу көйгөйлөрү: дис. ... юрид.илим канд.: 12.00.08. – Свердловск, 1997. – 156 с.*